# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
# ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫНЫН
# 2020-ЖЫЛДАГЫ
# ИШИ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ

Ушул отчёт “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 101-беренесине жана “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 61-беренесине ылайык берилет жана 2020-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын ишин чагылдырат.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2020-жылдагы иши жөнүндө отчёту “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12 - беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңеши тарабынан бекитилген.

Отчеттун мазмуну жана басылманы жайылтуу менен байланышкан маселелер боюнча, 720033, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Исанов көчөсү, 131, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы дареги боюнча кайрылса болот. Телефон: +996 (312) 32 34 30, факс: +996 (312) 32 35 11, электрондук почта : esep@esep.kg,
веб-сайт: www.esep.kg

**2021, Бишкек ш.**

## Урматтуу окурмандар!



Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы мамлекеттик аудиттин көз карандысыз жогорку органы болуу менен, мамлекеттин жана анын жарандарынын кызыкчылыгында өзүнүн ишин жүргүзөт. 2020-жылы Эсептөө палатасы мамлекеттик аудитти жүргүзүү аркылуу, өлкөнүн бакубат жашоосун жогорулатуу боюнча өз милдеттерин аткаруу менен, ишмердүүлүгү мамлекеттик каражаттардын натыйжалуу чыгымдалышын контролдоону чыңдоого, ишинин ачыктыгын жана натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган.

Отчеттук жылы Эсептөө палатасы тарабынан, 2016-2020-жылдар мезгил аралыгына карата Эсептөө палатасын өнүктүрүүнүн стратегиялык планынын максатына жетүү боюнча иш аягына чыгарылды. Стратегиялык планды ишке ашыруу боюнча жасалган иш чаралар комплексине, мамлекеттик аудит тутумун жакшыртууну, аудитордук ишти пландоо процессин оптималдоону, аудиттин эл аралык стандарттарын жайылтууну жана тышкы коммуникацияларды чыңдоону киргизсе болот.

Эсептөө палатасы Кыргыз Республикасынын Президенти, Жогорку Кеңеши жана Өкмөтү менен тыгыз кызматташты. Бул институттардын сунуштары, Эсептөө палатасынын иш пландарында эске алынды. Мындан сырткары, Өкмөт менен өз ара аракеттенишүү менен Эсептөө палатасы тарабынан, мамлекеттик бюджеттин каражаттарын рационалдуу пайдалануу, бюджеттик укуктук мамилелерди жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды жакшыртуу жана жалпы мамлекеттик коррупцияга каршы саясатты ишке ашыруу бөлүгүндө маанилүү маселелер көтөрүлдү.

2020-жылы 2019-2023-жылдарга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Маалыматтык - коммуникациялык технологиясын өнүктүрүү стратегиясынын милдеттерин ишке ашыруу аркылуу, Өкмөттүн 2019-жылдын 15-февралындагы № 20-р буйругу менен бекитилген, "Санарип Кыргызстан 2019-2023" санариптик трансформациялоо концепциясын ишке ашыруу боюнча "Жол картасынын" милдеттерин аткаруу жана Эсептөө палатасынын ишин автоматташтыруу боюнча иштер улантылган.

Сиздерге берилип жаткан отчет, 2020-жылы жүргүзүлгөн аудитордук иш чаралар, кадр саясаты, эл аралык мамилелерди өнүктүрүү, аудиттин эл аралык стандарттарына интеграциялоо, алдыңкы аудитордук тажрыйбалар, иштин башка жыйынтыктары жана Эсептөө палатасынын ишинин жетишилген негизги жыйынтыктары жөнүндө маалыматтарды камтыйт.

*Урматтоо менен,*



*Эсептөө палатасынын төрагасы*
*Алмазбек Акматов*

## МАЗМУНУ

**Киришүү ........................................................................................................ 5**

**1. 2016-2020-жылдар мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасын өнүктүрүүнүн стратегиялык планын ишке ашыруу жыйынтыктары ........................................................................................................ 6**

**2. Эсептөө палатасынын ишинин негизги көрсөткүчтөрү ........................................ 7**

2.1. Аудитордук иштин жыйынтыктары ........................................................................ 7

2.2. Аудит объектилери тарабынан жазма буйруктардын жана сунуштардын аткарылышы ........................................................................................................ 17

2.3. Бюджеттик процессти жакшыртуу боюнча сунуштар жана сунуштамалар .................... 19

**3. Отчеттук жылга карата республикалык бюджеттин, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттердин негизги аспекттери 24**

3.1. Кыргыз Республикасынын 2019-жылга республикалык бюджетинин аткарылышы ......24

3.2. Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2019-жылга бюджетинин аткарылышы ........................................................................................................ 26

3.3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2019-жылга бюджетинин аткарылышы .................................... 27

**4. Эксперттик-аналитикалык жана контролдук иш чаралардын жыйынтыктары ........................................................................................................ 29**

4.1. Евразиялык экономикалык биримдикке (ЕАЭБ) мүчө мамлекеттеринин финансылык контролдоонун жогорку органдары тарабынан өткөрүлгөн, биргелешкен контролдук иш-чаралар ........................................................................................................ 29

4.2. Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети, Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттери жөнүндө мыйзам долбоорлоруна, ошондой эле аларга киргизилген өзгөртүүлөргө карата корутундулар .............................. 30

**5. Өз ара аракеттенишүү жана кызматташуу ........................................................ 31**

5.1. Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, мамлекеттик органдар жана башка уюмдар менен өз ара аракеттенишүү ........................................................................................................ 31

5.2. Укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенишүү .................................................. 31

5.3. Эл аралык кызматташуу ........................................................................................ 33

5.4. Коомчулук менен байланышуу ................................................................................ 36

5.5. Жарандардын кайрылуулары боюнча иштөө ............................................................ 36

**6. Коррупцияга каршы иш-чаралар ........................................................................ 37**

**7. Эсептөө палатасынын ишин уюштурууну камсыздоо ............................................ 38**

7.1. Методологиялык камсыздоо ................................................................................ 38

7.2. Кадрдык камсыздоо ............................................................................................ 39

7.3. Эсептөө палатасынын ишин автоматташтыруу .......................................................... 42

7.4. Каржы-чарбалык камсыздоо ................................................................................ 43

**Корутунду ........................................................................................................ 44**

# Киришүү

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2020-жылдагы иши жөнүндө отчёту, “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын (мындан ары – Эсептөө палатасы) төрагасынын буйругу [1] менен бекитилген, Эсептөө палатасынын аудитордук иши жөнүндө отчётту түзүү тартиби жөнүндө нускаманын талаптарына ылайык даярдалды.

Бул отчётто ага жүктөлгөн функцияларды аткаруу боюнча Эсептөө палатасынын иши чагылдырылган, анда 2020 - жылы жүргүзүлгөн, Эсептөө палатасынын Кеңешинде жана Эсептөө палатасынын Аймактык бөлүнүштөрүнүн отурумдарынын чечимдери менен бекитилген аудит жыйынтыктары берилди.

Отчёт, ошондой эле, ушул мезгил аралыгында жүргүзүлгөн аудитордук иш-чаралардын сапатын андан ары жакшыртууга багытталган уюштуруу иш чаралары, өз ишмердүүлүгүнүн ачыктыгын камсыз кылуу, коррупцияга каршы жүргүзүлгөн иш чаралар, санариптештирүү, ошондой эле маалыматтарды тышкы пайдалануучулар менен өз ара аракеттенишүү, жүргүзүлгөн аналитикалык изилдөөлөр, жаңы методологиялык иштеп чыгуулар, аудиттин эл аралык стандарттарына өтүү бөлүгүндө жүргүзүлгөн реформаларды улантуу, кадр мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу иши, эл аралык иш-аракеттерди уюштуруу жана Эсептөө палатасынын иштешинин бир катар жана башка аспекттери жөнүндө маалыматтарды камтыйт.

Ошондой эле, отчётто Кыргыз Республикасынын Президенти, Жогорку Кеңеши, Өкмөтү, мамлекеттик жана укук коргоо органдары менен Эсептөө палатасынын өз ара аракеттенишүүсү жөнүндө маалыматтар берилген.

Албетте, пандемия жылы Эсептөө палатасынын кезектеги ишине өзүнүн түзөтүүлөрүн киргизген бир топ талаптарды алып келди. Алсак, жаңы коронавирус инфекциясынын (COVID-19), жайылышынан улам, өзгөрүлгөн экономикалык жагдай шартында, Эсептөө палатасы короновирус менен күрөшүүдө алдыңкы катарда турган ведомстволорго өзгөчө күч келтирбөөгө, ошондой эле текшерилүүчү уюмдун кызматкерлери жана өзүнүн кызматкерлери ооруну жугузуп алуу тобокелдигине туш болбошуна аракет кылды.

Пандемия күчөп турган учурда, аудитордук иш чараларды обочолонгон форматында жүргүзүү үчүн, инспекторлорго мүмкүнчүлүк берүү менен, өз функцияларын толук аткаруу улантылды. Буга байланыштуу, Эсептөө палатасы тарабынан жүргүзүлгөн аудитордук иш чаралардын саны азайды, алар бузуулардын негизги массасында белгиленет. Мында, 2020-жылы Эсептөө палатасы тарабынан аныкталган бузуулардын көлөмү, өткөн жылга салыштырмалуу бир аз азайды, бул болсо, өз кезегинде аудитордук иш чаралардын негизги көрсөткүчтөрүнө таасирин тийгизди.

---

[1] 2018-жылдын 21-майындагы №1-12/95

## 1. 2016-2020-жылдар мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасын өнүктүрүүнүн стратегиялык планын ишке ашыруу жыйынтыктары

Отчеттук 2020-жылы Эсептөө палатасы 2016-2020-жылдар мезгил аралыгына карата Эсептөө палатасын өнүктүрүүнүн стратегиялык планында (мындан ары – План) белгиленген милдеттерди ишке ашыруу боюнча ишин ийгиликтүү аяктады. Пландын негизине мамлекеттик аудиттин тутумун жакшыртуу, аудиттин эл аралык стандарттарын жайылтуу, адам ресурстарын башкаруунун натыйжалуу тутумун аныктоо жана өнүктүрүү жана тышкы коммуникацияларды чыңдоо катары негиз салуучу аспекттер кирген.

Планды ишке ашыруу процессинде, ар бир багыт боюнча максималдуу натыйжалуулукка жетүү менен, комплекстүү иштер жасалды. Тобокелчиликке багытталган мамиленин, аудиттин эл аралык стандарттарынын негизинде финансылык аудити, шайкештик аудити, натыйжалуулук аудити жана тематикалык аудиттерди жүргүзүү методологиясын практикалык колдонуунун негизинде, аудитордук ишти пландоо процессин оптималдоо иш чаралары жүргүзүлдү. Мамлекеттик аудиттин тутумун жакшыртуу максатында, мамлекеттик аудит жаатында Эсептөө палатасынын ченемдик базасын модификациялоо жана ISSAI эл аралык стандарттарын колдонуу менен, мамлекеттик аудиттин методологиясын жакшыртуу сыяктуу иш-чараларга өзгөчө көңүл бурулду. Негизинен, отчеттук мезгилде Эсептөө палатасы тарабынан Эсептөө палатасы жөнүндө Мыйзамга жана Бюджеттик кодекске өзгөртүүлөрдү киргизүүнү караган мыйзам долбоору иштелип чыкты. Бул мыйзам долбоорунун негизги учуру болуп, мамлекеттик аудит тутумунун маанилүү принциптеринин бири болуп эсептелген, Эсептөө палатасынын көз карандысыздыгынын кепилдигин камсыздоо жана жогорулатуу экендигин белгилеп кетүү маанилүү. Бул мыйзамга Кыргыз Республикасынын Президенти кол койгон жана 2020-жылдын 24-августунан тартып күчүнө кирген.

Методологиялык база бөлүгүндө, коомчулуктун катышуусу менен аудитти уюштуруу боюнча методологиялык окуу куралы иштелип чыккан, ошондой эле Европалык өнүгүү жана реконструкциялоо банкынын долбоорунун алкагында, электрондук форматта жүргүзүлүүчү, мамлекеттик сатып алууларга аудит жүргүзүү методологиясы иштелип чыккан. Мамлекеттик сатып алуулардын электрондук порталына Эсептөө палатасынын жетүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуучу онлайн-аспап иштелип чыккан, бул өз кезегинде аудитти жүргүзүү сапатын жөнөкөйлөштүрөт жана жогорулатат.

Эл аралык стандарттарды жайылтуу боюнча иш-чаралар алкагында, бир катар шайкештик аудити жана натыйжалуулук аудити жүргүзүлгөн. Аудитордук отчеттордун сапатын жогорулатуу жана аудитордук процесстерди автоматташтырууга өзгөчө көңүл бурулду.

Отчеттук мезгилде Адам ресурстарын өнүктүрүү стратегиясында көрсөтүлгөн максаттарды ишке ашыруу мөөнөтү аяктагандыгын белгилей кетүү керек. Бардык кызматкерлер үчүн иштин жыйынтыгын баалоонун колдонуудагы тиешелүү тутумун, инсандыкты өнүктүрүүгө жана кадрлардын ички резервин уюштурууга, ошондой эле түзүүгө жардам берген, жетиштүү жана талаптагыдай окутууну кызматкерлердин алуусун камсыздоо боюнча жасалган иштерди, белгилей кетүү керек.

Адам ресурстарын башкаруунун натыйжалуу тутумун аныктоо жана өнүктүрүү бөлүгүндөгү иш чаралар алкагында, 2020-жылы «e-Kyzmat» адам ресурстары башкаруу тутуму жайылтылган. Бул тутумду жайылтуу, кадр курамы, иш кагаздарын жүргүзүү процессин стандартташтыруу, кадрлар боюнча ыкчам жана ишенимдүү маалыматты пайдалануунун негизинде, башкаруу чечимдеринин

натыйжалуулугун жогорулатуу жөнүндө маалыматтарды топтоо, иштеп чыгуу жана талдоо сапатын жакшыртууга мүмкүндүк берет.

Эсептөө палатасы тышкы жана ички коммуникацияларды чыңдоону жактайт. Планды ишке ашырууда, башка өлкөлөрдүн аудиттин жогорку органдары менен эки тараптуу жана көп кырдуу байланышты өнүктүрүү, мамлекеттик органдар жана аудит объектилери менен кызматташуу тутумун түзүү маселелери каралган. Бул иш чараны ишке ашыруу алкагында, Эсептөө палатасы коомчулук менен мамилени өнүктүрүүгө, ошондой эле, жалпыга маалымдоо каражаттарында (ЖМК) маалыматты натыйжалуу жайылтууну уюштурууга жана маалыматтык ачыктыкты камсыз кылууга өзгөчө басым жасаган.

Ошону менен бирге, мекемеде "Ишеним телефону" дайыма иштейт, анын номери расмий сайтта жана жалпыга маалымдоо каражаттарында жайгаштырылган. Бүгүнкү күнү Эсептөө палатасы Twitter жана Facebook- социалдык тармактарда бар, ал жерлерде мекеменин сайтында жарыяланган пресс релиздер кайрадан басылып чыгарылат.

Отчеттук мезгилдеги маанилүү иш-чараларга, Аудиттин жогорку органдарынын эл аралык уюмунун (ИНТОСАИ) өнүктүрүү демилгеси программасынын алкагында, Эсептөө палатасынын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун баалоо жыйынтыгын чыгарууну киргизсе болот. ИНТОСАИ тарабынан иштелип чыккан "Аудиттин жогорку органдарынын ишинин натыйжалуулугун баалоо тутуму" методологиясына ылайык, Аудиттин жогорку органдарынын эл аралык уюмунун (ИНТОСАИ) эл аралык стандарттарын ишке ашырууда натыйжалуулукту баалоо жыйынтыгын көрсөткөн отчет, Эсептөө палатасы тарабынан кабыл алынган. Баалоонун негизги максаттарынын бири болуп, келечекте мүмкүнчүлүктү күчөтүү жана институционалдык чыңдоо үчүн, бардыгын камтыган өнүгүүнүн стратегиялык планын даярдоо үчүн негизди камсыз кылуу эсептелет.

Натыйжалуулукту баалоо жыйынтыгын эске алуу менен, мамлекеттик финансыны башкаруунун натыйжалуу, ачык жана отчет берүүчү тутумун камсыз кылуу, ошондой эле кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенишүүнү чыңдоо үчүн, артыкчылыктуу багыттар аныкталган, 2021-2025-жылдар мезгил аралыгына карата Эсептөө палатасын өнүктүрүүнүн стратегиялык планынын долбоору иштелип чыккан.

## 2. Эсептөө палатасынын ишинин негизги көрсөткүчтөрү

### 2.1. Аудитордук иштин жыйынтыктары

2020-жылга бекитилген Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планына ылайык, пландалган 90 аудитордук иш чаралардын ичинен 90 аудитордук иш чаралар жүргүзүлгөн, алардын жүрүшүндө аудит объектилеринин 1824 түзүмдүк жана ведомстволук бөлүмдөрү камтылган, анын ичинен: бюджеттик мекемелер - 1366, чарба жүргүзүүчү субъекттер – 251, жергиликтүү бюджеттерден каржылануучу мекеме уюмдар – 201 жана башка уюмдар – 6. Аудитордук иш-чаралардын саны өткөн жылга салыштырмалуу 52 иш чарага кыскарган.

Мындан сырткары, аудит жүргүзүү тууралуу укук коргоо органдарынан 93 токтом жана суроо-талап келип түшкөн, анын ичинен: 26 – аткарууга алынган, 67- аткаруудан баш тартылган.

***1-таблица. 2020-жылы аудитордук иштин жалпы жыйынтыгы*** *(млн.сомдо)*

| Бузуулардын түрү | Аныкталган | Кайтарылууга тийиш | Кайтарылган |
|---|---|---|---|
| Каржы бузуулары | 1 525,7 | 946,9 | 538,1 |
| Резервдер жана бюджеттин жоготуулары | 4 961,0 | 1 689,4 | 247,8 |
| Каражаттарды рационалдуу эмес пайдалануу | 1 647,4 | 169,8 | 44,3 |
| Коомдук жана башка уюмдарда аныкталган каржы бузуулары | 324,3 | 257,4 | 170,0 |

Аныкталган бузууларынын жалпы суммасынан бардыгы болуп, 3 063,5 млн. сом калыбына келтирилүүгө тийиш болсо, анын ичинен 1 000,2 млн. сом калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү 32,6 пайызды түздү.

*Бюджеттин резервдери жана жоготуулары, ошондой эле рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар <u>натыйжалуулук аудитинин</u> жыйынтыктарынын элементтери катарында Эсептөө палатасынын бузуулар классификаторуна киргизилген жана көпчүлүк учурларда калыбына келтирилүүгө жатпай тургандыгын белгилей кетүү керек.*


## Каржы бузуулары

*Каржы бузуулары катары, бюджеттик, фискалдык мыйзамдарды, суммалары тиешелүү бюджетке кайтарылууга тийиш болгон, бухгалтердик эсепти жүргүзүүнү жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды бузуу эсептелет.*


2020-жылы жүргүзүлгөн аудиттердин жүрүшүндө аныкталган каржы бузууларынын жалпы суммасы **1 525,7 млн. сомду** түзгөн жана мурунку жылдын көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу, 998,2 млн. сомго же 60,4 пайызга азайган.

Аныкталган каржы бузууларынын жалпы суммасынан **946,9 млн. сом** калыбына келтирилүүгө тийиш болсо, анын ичинен **538,1 млн. сом** калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү **56,8 пайызды түзгөн.**

***1-диаграмма. Каржы бузуулары боюнча жалпы жыйынтык*** *(млн.сомдо)*



***2-диаграмма. Аудит объектилери бөлүгүндөгү каржы бузуулар*** *(млн. сомдо)*




*Аныкталган каржы бузууларынын түзүмү*

Түзүмдүк бөлүмдө аныкталган каржы бузуулары төмөндөгүдөй:

*2-таблица. Каржы бузууларынын түрлөрү боюнча (млн. сомдо)*

| **Көрсөткүч** | **Сумма** | **%да** |
|---|---|---|
| Дебитордук жана ашырылган кредиттик карыздарды эсептөө боюнча жашыруулар | 551,9 | 36,17 |
| Каражаттарды максатсыз пайдалануу | 422,2 | 27,67 |
| Салык жана бажы мыйзамдарын бузуу | 246,4 | 16,15 |
| Эмгек акыларды негизсиз төлөөлөр | 121,4 | 7,96 |
| Материалдык баалуулуктарды жана акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруу | 63,3 | 4,15 |
| Курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүн ашыруу | 60,6 | 3,97 |
| Бюджетке чегерилүүгө тийиш болгон ижара акысы | 21,3 | 1,40 |
| Каржылоо булактары жок туруп, бюджеттин башка деңгээлинде турган уюмдарга, республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден бөлүнгөн каражаттар | 19,3 | 1,26 |
| Акча каражатарынын жана материалдык баалуулуктардын кем чыгуусу жана уурдалышы | 10,7 | 0,70 |
| Социалдык фондго кошумча кошуп эсептелген кирешелер | 4,5 | 0,29 |
| Казыналыктын тутумунан кыйгап өтүү менен пайдаланылган каражаттар | 3,2 | 0,21 |
| Мамлекеттик  кредиттерди жана бюджеттик ссудаларды максатсыз пайдалануу | 0,8 | 0,05 |
| Акциялардын мамлекеттик  пакетине дивиденддер | 0,04 | 0,002 |

| | | |
|---|---|---|
| Социалдык фонддун каражаттарын максатсыз пайдалануу | 0,02 | 0,001 |
| **Бардыгы** | **1 525,7** | **100** |

Таблицадан көрүнүп тургандай, каржы бузууларынын жалпы суммасында 36,1%, "Дебитордук жана ашырылган кредиттик карыздарды эсептөө боюнча жашыруулар" бузуулар түрү боюнча - 551,9 млн.сомду түзгөн.

Бул бузуу жол - жоболорду бузуулар мүнөзүнө көбүрөөк ээ, б.а. бухгалтердик эсептин толук кандуу жүргүзүлбөгөндүгү, бирок айрым учурларда уурдоонун мүмкүндүк болуучу тобокелдиктердин байкалышы жана көрүнүшү мүмкүн. Негизинен, бул бузуулар бухгалтердик жазууларды (эсеп боюнча) оңдоо аркылуу четтетилет. Эреже катары, мындай бузуулар көпчүлүк учурда, аудиттин жүрүшүндө бухгалтердик эсептин талаптарына шайкеш келтирилет. Мисалы, бул бухгалтердик эсепте көрсөтүлбөгөн дебитордук карыздардын, же тараптар алдындагы негизсиз ашырылган кредиттик карыз суммалары болушу мүмкүн.

Жалпы суммадан (551,9 млн. сом) 76,8% жакыны «Электр станциялары» ААКсына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча (424,1 млн. сом) аныкталган.

Алсак, 01.01.2019-жылына карата "Электр станциялары" ААКсынын балансынан сырткары бөлүштүрүүчү энерго компаниялардын (БЭК) 424,1 млн. сом суммасында тууму эсептелген, анын ичинен: "Түндүк электр" ААКсы - 270,3 млн. сом, "Чыгыш электр" ААКсы - 94,7 млн. сомов, "Ош электр" ААКсы - 59,1 млн. сом.

"Электр энергетикасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-1 "Энергия менен жабдуу субъекттеринин өз ара милдеттенмелери" беренесинин 3-пунктуна ылайык, "*форс-мажордук жагдайларды эске албаганда, энергетикалык кызмат көрсөтүүлөр үчүн акы төлөө кечиктирилген учурда керектөөчү контракттын шарттарына ылайык, бирок мөөнөтүн өткөрүп жиберген ар бир күн үчүн карыздын суммасынын 0,5 процентинен ашпаган жана негизги карыздын суммасынын 100 процентинен көп болбогон туум төлөйт"* деп көрсөтүлгөн.

БЭКтер бул мөөнөтүн өткөрүп жиберүүлөр калк жана мамлекеттик мекемелер өз убагында төлөбөгөндөрүнөн улам болуп жатат деп шилтемелөө менен, туумдарды таануудан жана төлөөдөн баш тартышууда. Бирок, электр энергиясын ири керектөөчүлөр, дүңүнөн сатып алуучулар жана кайрадан сатуучулар эсептелген туумдарды төлөшөт.

Ошентип, энерго бөлүштүрүүчү компаниялардын жетекчилери тарабынан "Электр энергетикасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптары сакталган эмес, бул болсо, "Электр станциялары" ААКсынын киреше бөлүгүн 424,1 млн. сомго азайтууга алып келген.

Коомдо электр энергиясын ири керектөөчүлөргө, дүңүнөн сатып алуучуларга жана кайрадан сатуучуларга эсептелген туумдар алардын балансында, ал эми БЭКке эсептелгендер – балансстан сырткары эсепке алынаарын эске алуу менен, бөлүштүрүүчү энерго компанияларга жалпы 424,1 млн. сом суммасында электр энергиясын бергендиги үчүн, өз убагында төлөбөгөндүгүнө карата эсептелген туумду өндүрүү боюнча чараларды көрүү жана Коомдун киреше бөлүгүндө көрсөтүү жөнүндө Эсептөө палатасы тарабынан жазма буйрук жөнөтүлгөн.

Дебитордук карыз жашыруудан кийин, 27,6 % өлчөмүндөгү үлүштү "каражаттарды максатсыз пайдалануу" (422,2 млн. сом) сыяктуу бузуулар ээлейт. Мындай бузуулардын жалпы суммасындагы 90,5 пайызды, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана жол мнистрлигине жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча аныкталган 382,1 млн. сом суммасы ээлейт, анын ичинен: 1 жана 2-фазадагы

"Түндүк-Түштүк жол курулушу" долбоору боюнча кредиттик макулдашууларды бузуу менен, ГРИПти күтүүгө жана техникалык көзөмөлдөө кызматына төлөөгө 377,8 млн. сом зайым каражаттары пайдаланылган, ГДАД "Бишкек-Ош" – жолду капиталдык оңдоодон каражаттар, үстөк акыларды (тамак-ашка, жол киреге компенсациялар, коммуналдык кызматтар жана эмгек акыга карата жеке үстөк акылар) төлөөгө пайдаланылган – 4,3 млн. сом.

Аудиттердин жүрүшүндө бузуулардын пайыздык катышында кийинки маанилүү болуп, 246,4 млн. сомду же жалпы суммадан 16,15%ды түзгөн "салык жана бажы мыйзамдарын" бузуу эсептелет. Бузуунун бул түрүнөн, олуттуу бөлүгү 2019-жылга республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча 238,3 млн. сом же 96,7% аныкталган.

*Бул бузуулар жөнүндө толук маалымат, ушул отчеттун "3.1. Кыргыз Республикасынын 2019-жылга республикалык бюджетинин аткарылышы" бөлүгүндө келтирилген.*

*"Эмгек акыларды негизсиз төлөөлөр" көрсөткүчү боюнча бузуулар* 121,4 млн. сомду түзгөн, анын олуттуу үлүшү болуп, төмөндө жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча аныкталган: айыл аймактарынын бюджетинин аткарылышы - 16,5 млн. сом жана шаарлардын бюджетинин аткарылышы – 31,6 млн. сом, КТРК – 24,6 млн. сом ж.б.


## Бюджеттин резервдери жана жоготуулары

*Бюджеттин резервдери болуп, тийиштүү иш чараларды жүргүзүүнүн натыйжасында мамлекеттик бюджетти толуктоочу кошумча каражат булактары саналат.*
*Бюджеттин жоготуулары болуп, тийиштүү иш чаралардын өз учурунда жүргүзүлбөгөндүгүнүн натыйжасында жана ишке ашпай калган мүмкүнчүлүктөрдүн айынан, орточо эсеп менен, мамлекеттик бюджетке түшпөй калган каражаттардын суммасы саналат.*


2020-жылы Эсептөө палатасы тарабынан аныкталган бюджеттин резервдери жана жоготуулары 4 961,0 млн.сомду түзгөн. 2019-жылга салыштырмалуу бул көрсөткүч 22 754,5 млн.сомго же төрт жарым эсе азайган.

Бюджеттин резервдеринин жана жоготууларынын аныкталган жалпы суммасынан 1 689,4 калыбына келтирилүүгө тийиш. 247,8 млн. сом калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү 14,6 пайызды түзгөн.

***3-диаграмма. Бюджеттин резервдери жана жоготуулары*** *(млн. сомдо)*



***4-диаграмма. Аудит объектилери бөлүгүндө бюджеттин резервдери жана жоготуулары** (млн.сомдо)*




*Аныкталган бюджеттин резервдеринин жана жоготууларынын түзүмү*

*3-таблица. Бюджеттин резервдеринин жана жоготууларынын түрү боюнча (млн.сомдо)*

| **Көрсөткүч** | **Сумма** | **%да** |
|---|---|---|
| - Бюджеттин башка резервдери жана жоготуулары | 4 224,7 | 85,1 |
| - Эмгек акыларды төлөөдөгү бузуулар | 496,0 | 10,0 |
| - Тарифтерди жана бааларды жогорулатуу | 151,6 | 3,06 |
| - Бюджеттик мекемелерди ашыкча каржылоо | 46,3 | 0,93 |
| - Товардык-материалдык баалуулуктардын (ТМБ) ченемден ашык чыгымдалышы | 34,9 | 0,7 |
| - Салык, бажы, жана башка төлөмдөр жана бюджеттин чыгымдар бөлүгү боюнча бюджеттин жоготуулары | 7,5 | 0,15 |
| **Бардыгы** | **4 961,0** | **100%** |

Таблицада көрүнүп тургандай, аныкталган бюджеттин резервдеринин жана жоготууларынын абдан көп үлүшүн **"Бюджеттин башка резервдери жана жоготуулары"** (85,1%) түзөт. Бул категорияда негизинен, бузуулардын башка категорияларында көрсөтүлбөгөн, резервдер менен жоготуулардын аныкталган суммалары көрсөтүлгөн.

Алсак, 4 224,7 млн.сом бюджеттин резервдеринин жана жоготууларынын ичинен, 2 232,5 млн.сом (52,8%) суммасындагы олуттуу үлүштү, 2019-жылга республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча аныкталган резервдер жана жоготуулар ээлейт.

*Бул бузуулар жөнүндө толук маалымат, ушул отчеттун "3.1. Кыргыз Республикасынын*

*2019-жылга республикалык бюджетинин аткарылышы” бөлүмүндө берилген.*

Ошондой эле, бюджеттин абдан маанилүү суммалары төмөндөгү мамлекеттик органдарга жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча аныкталган: Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу фонду – 1 216,5 млн. сом (28,8%), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду – 316,4 млн. сом (7,5%) жана башкалар (10,9%).

Экинчи орунда 496,0 млн.сомду же аныкталган бюджеттин резервдеринин жана жоготууларынын жалпы суммасынан 10 пайызды түзүү менен, *“Эмгек акыларды төлөөдөгү бузуулар”* көрсөткүчү турат. Негизинен бул категорияга, штаттык жүгүртмө жана штаттык ченемдер менен каралган сан сакталбагандыктан, аткарылган иштердин (кызмат көрсөтүүлөрдүн) көлөмдөрүн кошуп жазуулар, сыйлоо жөнүндөгү колдонуудагы жобону бузуу менен, сый акыларды төлөө жана ашык төлөөлөр жана башкалар кирет.

Мындай бузуулар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, 385,7 млн. сомго же аныкталган суммадан 77,8 пайыз аныкталган. Ушундай эле бузуулар: “КР КТРКнын “Республикалык радиотеле борбору” МИде - 22,5 млн. сом (4,5%), КР КТРКда – 16,6 млн. сом (3,3%), КР Улуттук статистикалык комитетинде – 12,7 млн. сом (2,6 %) жана башкалар – 58,5 (11,8%).


## Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар

*Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардын категориясына, мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө каржы бузууларынын, каржылоодо эсепке алынбаган, жыл аягында бюджеттик мекемелердин кассаларындагы накталай акча каражаттарынын калдыктарынын, товардык-материалдык баалуулуктардын чегерилбеген ченемден ашык корлорунун, пландалган максаттарына жетпеген, белгилүү бир иш чараларга чыгымдалган мамлекеттик каражаттардын аныкталган суммалары кирет.*

Эсептөө палатасы тарабынан 1 647,3 млн.сомго рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар аныкталган. Өткөн жылга салыштырмалуу, бул көрсөткүч 360,6 млн.сомго азайган.

Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардын аныкталган жалпы суммасынан 169,8 млн.сом калыбына келтирилүүгө тийиш болсо, анын ичинен 44,3 млн.сом калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү 26 пайызды түзгөн.

***5-диаграмма. Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар** (млн.сомдо)*



*4-таблица. Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардын түзүмү (млн. сомдо)*

| **Көрсөткүч** | **Сумма** | **в %** |
|---|---|---|
| - Пландалган максатына жетпестен чыгымдалган каражаттар | 1 277,1 | 77,5 |
| - Товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлору жана эсептеги каражаттар | 224,5 | 13,6 |
| - Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдөгү бузуулар | 137,1 | 8,3 |
| - Жылдын аягында мекемелердин кассаларындагы бюджеттик накталай каражаттардын пайдаланылбаган калдыктары | 8,6 | 0,5 |
| **Бардыгы** | **1 647,3** | **100%** |

Жогоруда келтирилгендерден улам, рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардын жалпы суммасындагы абдан чоң үлүштү, ***"Пландалган максатына жетпестен чыгымдалган каражаттар"*** 1 277,1 млн.сом суммасындагы каражаттар, же рационалдуу эмес чыгымдалган каражаттардын аныкталган жалпы суммасынан 77,5 пайызды түзөөрү көрүнүп турат.

Мындай бузуулар түрүнө, пландалган максатына жетпестен, белгилүү бир иш-чараларга чыгымдалган мамлекеттик каражаттардын суммалары кирет (окуу жайынан окуу курсу толук аяктаганга чейин окуудан чыгарылган студенттерди окутуу чыгымдары, колдонулбай турган, конкреттүү жабдууларды сатып алууга чыгымдалган бюджеттик каражаттар жана башкалар). Бузуулардын бул түрү боюнча олуттуу сумма 1 128,4 млн. сомду (88,3%) түзгөн, ал Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча аныкталган.

Көлөмү боюнча бузуулардын кийинки түрүнө "Товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлору жана эсептеги каражаттар" кирет, ал боюнча аныкталган сумма 224,5 млн.сомду, же рационалдуу эмес чыгымдалган каражаттардын аныкталган жалпы суммасынан 13,6 пайызды түзгөн.

Алардын ичинен негизгилери төмөндөгүлөргө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча: Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунда - 90,3 млн. сом (40,2%), Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинде – 36,2 млн. сом (16,1%), Кыргыз Республикасынын Маданият жана туризм министрлигинде – 23,6 млн. сом (10,5%), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жаштар иши, дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттигинде – 14,9 млн. сом (6,6%) жана башкалар (26,5%).

## Коомдук жана башка уюмдарда аныкталган каржы бузуулары

*Бул бузуулар бюджеттик каражаттар менен байланыштуу эмес. Негизинен мындай бузуулар, өзүнүн ишин чарбалык негизде жүргүзгөн мамлекеттик ишканаларга, ошондой эле мамлекеттин үлүшү 51 пайыздан ашыкты түзгөн акционердик коомдорго жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча аныкталат.*

Мамлекеттик органдардагы жана уюмдардагы каржы бузуулары менен катар, ошондой эле аудит тарабынан коомдук жана башка уюмдарда 324,3 млн.сом каржы бузуулары аныкталган. 2019-жылга салыштырмалуу бул көрсөткүч 219,9 млн.сомго же 59,6 пайыз азайган.

Аныкталган суммалардын жалпы суммасынан 257,4 млн.сом калыбына келтирилүүгө тийиш болсо, анын ичинен 170,0 млн.сом калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү 66 пайызды түзгөн.

Бул бузуулардын түрү боюнча олуттуу сумма, төмөндөгүлөрдө аныкталган: “Бишкек эркин экономикалык аймагы” Башкы дирекциясында – 206,1 млн. сом (63,5 %), “Чүй “Кристалл” ишканасы” МИде - 68,6 млн. сом (21,1%), “Бажы инфра түзүмү” МИде – 22,7 млн. сом (7,0 %), энергетика объекттеринде – 17,1 млн. сом (5,3) ж.б.

## Жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудит

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 124-беренесине ылайык, жергиликтүү бюджеттердин аткарылышына аудит Эсептөө палатасы тарабынан эки жылда бир жолу жүргүзүлөт.

Отчеттук жылы Эсептөө палатасы тарабынан **16 шаардын мэрияларынын жана 181 айыл өкмөтүнүн** бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына аудиттер жүргүзүлгөн.

### *Шаарлардын бюджеттеринин аткарылышы*

16 шаардын мэрияларынын бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудит тарабынан, жалпы 92,6 млн. сом суммасында каржы бузуулары аныкталган.

*5-таблица. Бузуулардын түрү боюнча түзүм (млн. сомдо)*

| **Көрсөткүч** | **Сумма, млн. сом** | **%да** |
|---|---|---|
| Эмгек акыларды негизсиз төлөөлөр | 36,7 | 39,6 |
| Дебитордук жана ашырылган кредиттик карыздарды эсептөө боюнча жашыруулар | 26,4 | 28,5 |
| Курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүн ашыруу | 5,5 | 6,0 |
| Каржылоо булактары жок туруп, бюджеттин башка деңгээлинде турган уюмдарга республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден бөлүнгөн каражаттар | 19,3 | 20,8 |
| Бюджетке чегерилүүгө тийиш болгон ижара акысы | 1,9 | 2,1 |
| Салык жана бажы мыйзамдарын бузуу | 0,2 | 0,2 |
| Отчет берүүчү суммаларды камтуу менен, материалдык баалуулуктарды жана акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруу | 1,7 | 1,9 |
| Социалдык фондго кошумча кошуп эсептелген кирешелер | 0,4 | 0,4 |
| Кем чыгуулар, уурдоолор | 0,2 | 0,2 |
| Мамлекеттик каражаттарды максатсыз пайдалануу | 0,3 | 0,3 |
| **Бардыгы** | **92,6** | **100** |

Жалпы аныкталган суммалардан 36,6 млн. сом калыбына келтирилүүгө тийиш болсо, анын ичинен 33,1 млн. сом калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү 90,4 пайызды түзгөн.

Жогоруда келтирилген маалыматтар көрсөтүп тургандай, каржы бузууларынын курамындагы олуттуу бузууну эмгек акыларды негизсиз төлөөлөр түзөт, ал 36,7 млн. сомду же 39,6 пайызды түзгөн. Негизнен, мындай бузуулар төмөндөгүлөрдө анкталган: Токмок шаарынын мэриясында (12,6 млн. сом), Кара-Балта шаарынын мэриясында (18,3 млн. сом), Каинды шаарынын мэриясында (0,7 млн. сом) жана башкалар (5,1 млн. сом).

Шаарлардын аныкталган бюджеттеринин резервдери жана жоготуулары 16,6 млн. сомду түзгөн, анын ичинен: Токмок шаарынын мэриясында - 7,5 млн. сом, Кара-Балта шаарынын мэриясында – 2,7 млн. сом жана башкалар 6,4 млн. сом.

Ошондой эле, шаарлардын бюджеттик каражаттарынын 4,5 млн. сомго рационалдуу эмес пайдаланышы аныкталган.

Аныкталган суммалардын жалпы суммасынан 2,5 млн. сом калыбына келтирилүүгө тийиш болсо, ушул отчетту түзүү мезгилине карата калыбына келтириле элек. Бузуулардын бул түрү боюнча олуттуу суммалар, Кара-Балта шаарынын мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик бөлүмүндө - 2,4 млн. сомго жана "Каракол "Суу каналы" ишканасында (Каракол шаарынын мэриясы) - 0,9 млн. сомго аныкталган.

Ошондой эле, муниципалдык ишканаларга жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча 4,0 млн. сом каржы бузуулары аныкталган, анын ичинен: "Кара-Балта суу каналында" - 3,8 млн. сом жана "Новопавловка коммуналдык ишканасында" - 0,2 млн. сом.

### *Айыл өкмөттөрүнүн бюджеттеринин аткарылышы*

Айыл өкмөттөрүнө жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча аныкталган каржы бузууларынын жалпы суммасы 62,7 млн.сомду түзгөн.

*6-таблица. Каржы бузууларынын түзүмү (млн.сом)*

| **Көрсөткүч** | **Сумма, млн. сом** | **%да** |
|---|---|---|
| Эмгек акыларды негизсиз төлөөлөр | 16,5 | 26,3 |
| Курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүн ашыруу | 15,0 | 23,9 |
| Дебитордук жана ашырылган кредиттик карыздарды эсептөө боюнча жашыруулар | 14,3 | 22,8 |
| Салык жана бажы мыйзамдарын бузуу | 5,0 | 8,0 |
| Материалдык баалуулуктарды жана акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруу | 4,4 | 7,0 |
| Социалдык фондго кошумча кошуп эсептелген кирешелер | 1,5 | 2,4 |
| Бюджеттик каражаттарды максатсыз пайдалануу | 2,6 | 4,1 |
| Бюджетке чегерилүүгө тийиш болгон ижара акысы | 1,5 | 2,4 |
| Казыналык тутумунан кыйгап өтүү менен пайдаланылган атайын каражаттар | 1,1 | 1,7 |
| Кем чыгуулар жана уурдоолор | 0,7 | 1,1 |
| **Бардыгы** | **62,7** | **100** |

Айыл өкмөттөрүнө жүргүзүлгөн аудиттерде бузуулардын олуттуу үлүшүн (26,3%), 16,5 млн. сомго *“эмгек акыларды негизсиз төлөөлөр” түзгөн,* анын ичинен: Сокулук районунун Новопавловка айыл өкмөтүндө – 2,9 млн. сом, Сокулук районунун Н. Крупская айыл өкмөтүндө – 1,3 млн. сом, Москва районунун Целинный айыл өкмөтүндө – 1,6 млн. сом, Панфилов районунун Фрунзе айыл өкмөтүндө –1,0 млн. сом, Сокулук районунун Ат-Башы айыл өкмөтүндө - 1,0 млн. сом, Москва районунун Предтеченский айыл өкмөтүндө – 0,9 млн. сом ж.б.

Айыл аймактарындагы курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүн ашыруунун жалпы суммасы 15,0 млн. сомду же 23,9 % түзгөн, анын ичинен: Жалал-Абад областынын Чаткал районунун Каныш-Кыя айыл өкмөтүндө - 4,7 млн. сом, Нарын областынын Ат-Башы районунун Ат-Башы айыл өкмөтүндө - 1,2 млн. сом ж.б.

Аныкталган каржы бузуулардын жалпы суммасынан 46,5 млн.сом калыбына келтирилүүгө тийиш. 32,7 млн. сом калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү 70,3 пайызды түзгөн.

Айыл өкмөттөрүнүн бюджеттеринин резервдери жана жоготуулары 24,0 млн. сомго аныкталган, анын ичинен 3,1 млн.сом калыбына келтирилүүгө тийиш болсо, 2,1 млн. сом калыбына келтирилген же калыбына келтирүү 67,7 пайызды түзөт.

Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардын жалпы суммасы 9,8 млн.сомду түзгөн, анын ичинен 0,7 млн. сом калыбына келтирилүүгө тийиш болсо, 0,2 млн. сом калыбына келтириди. Калыбына келтирүү 28,6 пайызды түзгөн.

## 2.2. Аудит объектилери тарабынан жазма буйруктардын жана сунуштардын аткарылышы

“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесине ылайык, Эсептөө палатасы аудит объектисине милдеттүү түрдө аткаруу болуп эсептелген жазма буйруктарды берүүгө укуктуу. Эреже катары, жазма буйрук өзүнө каржы бузууларынын калыбына келтирүүгө тиешелүү суммаларын, каражаттарды чыгымдоодогу аныкталган кемчиликтерди четтетүү сунуштарды жана ченемдик укуктук актылардагы карама-каршылыктарды, тигил же бул бузууларга жол берген жооптуу адамдардын жоопкерчилигин кароо жөнүндө сунуштарды камтыйт. Мындан сырткары, Эсептөө палатасы жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, жазма буйруктардан сырткары аудит объектисине тиешелүү сунуштарды жөнөтөт.

2020-жылы жүргүзүлгөн аудитордук иш чаралардын жыйынтыктары боюнча аудит объектилерине 387 жазма буйруктар жана 114 сунуштар жөнөтүлгөн.

*7-таблица. Жазма буйруктардын аткарылышы*

| Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы | Бардыгы | Аткарылган | Жарым-жартылай аткарылган | Аткарууда |
|---|---|---|---|---|
| КРЭП Борбордук аппараты | 79 | 12 | 39 | 28 |
| КРЭП Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшү | 99 | 70 | 22 | 7 |
| КРЭП Ысык-Көл жан Нарын областтары боюнча аймактык бөлүнүшү | 66 | 18 | 42 | 6 |
| КРЭП Ош шаары, Ош жана Жалал-Абад жана Баткен | 143 | 108 | 12 | 23 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| областтары боюнча аймактык бөлүнүшү | | | | |
| **Бардыгы** | **387** | **208** | **115** | **64** |


*8-таблица. Сунуштардын аткарылышы*

| | Бардыгы | Аткарылган | Жарым-жартылай аткарылган | Аткарууда |
|---|---|---|---|---|
| КРЭП Борбордук аппараты | 114 | 12 | 27 | 75 |
| **Бардыгы** | **114** | **12** | **27** | **75** |

Жөнөтүлгөн жазма буйруктардын жалпы санынын ичинен 208 (53,7%) толук аткарылган, 115 (29,7%) жарым-жартылай аткарылган жана 64 (16,5%) жазма буйрук аткаруу баскычында турат.

Жазма буйруктар боюнча калыбына келтирилүүгө тийиш болгон сумма 2 141,3 млн. сомду түзгөн, анын ичинен 234,6 млн. сом калыбына келтирилген.

***6-диаграмма. 2019-2020 - жылдарга жазма буйруктардын аткарылышы***




Жазма буйруктарды аткаруу жана суммаларды кайтаруу толук эмес көлөмдө аткарылып жаткандыгы, Эсептөө палатасынын борбордук аппаратында аларды жалпылагандан кийин, көпчүлүк жазма буйруктар 2020-жылдын 4-кварталында жана 2021-жылдын башында жөнөтүлгөндүгү менен түшүндүрүлөт.

Аудит объектилери тарабынан Эсептөө палатасынын жазма буйруктарын талаптагыдай аткарылышына мониторинг жүргүзүү, артыкчылыктуу багыттардын бири болуп эсептелет жана тиешелүү түзүмдүк бөлүмдүн, ошондой эле аудит жүргүзүү процессине түздөн түз тартылган кызматкерлердин өзгөчө көзөмөлүндө тураарын, белгилей кетүү керек.

Алсак, кезектеги аудиттин программасын түзүүдө, мурунку аудиттин жыйынтыгы боюнча аудит объектилеринин дарегине жөнөтүлгөн Эсептөө палатасынын жазма буйруктарынын аткарылышы маселеси дайыма эске алынат.

Мындан сырткары, Эсептөө палатасынын Кеңешинин кезектеги отурумдарында жүргүзүлгөн аудитттердин жыйынтыктарын кароо жана отчетторду бекитүүдө, мурунку аудиттин жыйынтыктары боюнча жөнөтүлгөн Эсептөө палатасынын жазма буйруктарынын жана сунуштарынын аткарылышы жөнүндө аудит объектилеринин жетекчилеринин маалыматы угулат.

Жүргүзүлгөн аудиттерде аныкталган бузуулардын абдан ири суммалары жана жазма буйруктар менен калыбына келтирилүүгө тийиш болгондор төмөндөгүлөрдү түзгөн: республикалык

бюджеттин аткарылышы - 1 771,2 млн. сом, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана жол министрлиги – 94,7 млн. сом, "Бишкек эркин экономикалык аймагы" Башкы дирекциясы - 21,9 млн. сом, Кыргыз Республикасынын Маданият жана туризм министрлиги - 11,3 млн. сом, Ысык-Көл областын өнүктүрүү фонду - 8,2 млн. сом жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттиги – 6,6 млн. сом.

Аудит объектиси тарабынан мурунку аудиттин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктардын аткарылышы жөнүндө маалымат, жүргүзүлгөн аудитордук иш чаралардын жыйынтыктары жөнүндө кийинки отчетко киргизилерин белгилей кетүү керек.

Отчеттук жылы аудит объекттери тарабынан Эсептөө палатасынын жазма буйруктарын аткаруу менен, 46 кызматтагы адамдар тартип жоопкерчилигине тартылган, 6 кызматтагы адам ээлеген кызматынан бошотулган.

## 2.3. Бюджеттик процессти жакшыртуу боюнча сунуштар жана сунуштамалар

2020-жылы мамлекеттик органдарда жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн дарегине бюджеттик процессти жакшыртуу боюнча Эсептөө палатасынын сунуштарын камтыган 18 сунуш жөнөтүлгөн.

Алсак, жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө жөнөтүлгөн Эсептөө палатасынын абдан олуттуу сунуштары төмөндө берилген:

- ***2019-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:***

төмөндөгү маселелер каралсын:

а) Бюджеттик кодекстин 128-беренесине ылайык, бюджеттик мыйзамды бузгандыгы үчүн, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин орун басарларынын жана башка жооптуу адамдарынын тартиптик жоопкерчилиги, негизинен:

- республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчет талаптагыдай түзүлбөгөндүгү жана аудитке туура эмес маалымат берилгендиги үчүн;

- мамлекеттик карыз боюнча отчет талаптагыдай түзүлбөгөндүгү боюнча контролдун жоктугу үчүн;

- республикалык бюджет жөнүндө мыйзам долбоорун түзүүдө контролдун жоктугу, мызам долбоорунун тексттик бөлүгү анын тиркемелери менен дал келбегендиги үчүн;

- Кыргыз Республикасынын "Салык эмес кирешелер" Кодексин бузуу менен, кезектеги келип түшүүлөр жок туруп, 2020-жылы республикалык бюджеттен 491,9 млн.сом салык эмес кирешелердин кайтарылышына жол берген, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын жооптуу адамдарынын жоопкерчилиги;

- бюджетти аткаруу тартибинин начарлашы, бюджеттик милдеттенмелерди сапатсыз болжолдоо жана аткаруу менен байланышкан, бюджеттик каражаттар жана атайын эсептин каражаттары боюнча сметаларды аткарууда киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен, Бюджеттик кодексти сактабагандыгы, "Кыргыз Республикасынын 2019-жылга республикалык бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын аткарбагандыгы үчүн, министрликтердин жана ведомстволордун жооптуу адамдарынын жоопкерчилиги;

- республиканын болгон милдеттенмелерин азайтуу максатында, эл аралык уюмдар жана бирикмелер менен кызматташуу боюнча министрликтер жана ведомстволор тарабынан көрүлгөн чаралардын натыйжалуулугу.

б) Бюджеттик кодекстин 110-беренесине ылайык, бир айлык эмгек акы фондунун эсебинен улам, кезектеги бюджеттик жылга республикалык бюджет жөнүндө Мыйзамдын беренесине киргизилген, жүгүртүүдөгү кассалык накталай акчалардын өлчөмүнө ылайык келтирүү үчүн чараларды көрүү;

в) коммуналдык кызматтарга төлөө боюнча республикалык бюджеттен каржыланган чыгымдарды үнөсдөө максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Өкмөтүнүн Иш башкармалыгынын алдындагы Мамлекеттик имараттар департаменти менен түзүлгөн келишим боюнча, министрликтердин жана ведомстволордун балансына имараттарды берүү маселеси боюнча кароо жана Финансы министрлигине негизделген сунуштарды киргизүү министрликтерге жана ведомстволорго тапшыруу.

г) тапшырылсын:

- министрликтер жана ведомстволор, кирешелерди жана (же) чыгымдарды өзгөртүүгө алып келе турган, кезектеги бюджеттик жылдан кийинки жылдын 1-январынан эрте эмес, 31-марттан кийин кабыл алынган ченемдик укуктук актыларды кабыл алынышын демилгелөөнү караган Бюджеттик кодекстин 4-беренесин так аткаруу;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги аларды белгиленген тартипте бекитүү үчүн, бюджеттин тартыштыгын кыскартууга жана экономиканы өнүктүрүүгө жардам берүүчү, мамлекеттик өнүгүү программаларын каржылоо максатында, аларды инвесторлор жана республиканын калкынын арасында активдүү жайгаштыруу үчүн, мамлекеттик баалуу кагаздардын эмиссиялоо стратегиясын, аларды колдонуу жагдайларын аныктоо менен, мамлекеттик карызды башкаруу, өтүмдүүлүк резервдерин түзүү боюнча контролдоонун максаттуу көрсөткүчтөрүн көрсөтүү менен, акча агымдарынын туруктуулугун жана зайымдардын узак мөөнөттүү стратегиясын иштеп чыксын;

- Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлиги Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечими менен аныкталган, техникалык жана кенже тейлөөчү персоналдар боюнча ченемдик санга шаттарды ылайык келтирүү максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-августундагы №495 “Маданият, искусство жана маалымат мекемелеринин типтүү чектелген штаттарын бекитүү жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча ченемдик актынын долбоорун даярдасын;

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги орто окуу жайларын, колледждерди жана лицейлерди каржылоо ченемдерин иштеп чыгууну камсыздасын жана белгиленген тартипте кароо үчүн, анын жыйынтыгы боюнча ченемдик актынын долбоорун даярдасын;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматы салык эмес кирешелер боюнча администраторлорду бекитүү боюнча, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.08.2015-жылдагы №604 “Мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнүн долбоорун түзүүнү уюштуруу маселелери жөнүндө” токтомуна толуктоолорду киргизүү жөнүндө ченемдик актынын долборун даярдасын.

д) төмөндөгүлөргө көңүл бурулсун:

- 2019-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчётто туура эмес көрсөтүлгөн, такталган план боюнча МСКнын кирешелер сабы боюнча 8 202,7 млн.сомго

көрсөткүчтөргө жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын сунушуна ылайык, аудит аяктаганда оңдолгон 6 694,8 млн.сомго факты жүзүндө аткарууга;

- программалык бюджеттердин аткарылышына карата министрликтер менен ведомстволордун жасалма мамилесине, бул болсо, толук программалык бюджеттөөнү жайылтуу процессин татаалдаштырат.

- ***Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматына:***

сунуш кылат:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 5-августундагы №291-б буйругу менен, Кошумча нарк салыгынын ордун толтуруунун жана кайтарып берүүнүн жөнөкөйлөштүрүлгөн тартиби колдонулган салык салынуучу айрым субъекттердин тизмесин бекитүүнүн укуктуулугун кароо;

- МСК апелляциялык кароонун жыйынтыгы боюнча, 2016-2017-жылдарга карата резидент эмес «Кумтор Голд Компани» ЖАКынын кирешесине салыкты 3 746,3 млн.сомго азайтуунун негиздүүлүгүн, ошондой эле электр энергиясына төлөбөгөндүгү үчүн 245,7 млн.сом туумду алып таштоо менен, 2018-жылга “Түндүк электр” ААКсынын жылдык жыйында кирешесин карасын;

- Кошумча нарк салыгынын ордун толтуруу жана ашырылган суммасын кайтарып берүү, ошондой эле колдонуудагы Кыргыз Республикасынан Салык кодексинин редакциясындагы дипломаттык жана ага теңдеш өкүлчүлүктөргө кошумча наркы салыгын кайтарып берүү бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 30 – декбрындагы №375 токтому менен бекитилген, “Кошумча нарк салыгынын изилдөө, ордун толтуруу жана ашырылган суммасын бюджеттен кайтарып берүү жөнүндө” тартиби жөнүндө Жобонун 49-пункту ылайык келтирилсин;

- салык жеңилдиктерин берүү жана бошотуу жөнүндө ченемдик-укуктук актыларды демилгелөөдө, мамлекеттик органдарга салык жеңилдиктеринин натыйжалуулугуна баалоо жүргүзүү милдеттендирилсин;

- бюджеттин кирешесин көбөйтүү, акыйкаттуулук принцибин сактоо максатында, тиешелүү мамлекеттик органдарга төмөндөгүлөр боюнча белгиленген тартипте сунуштарды киргизүү жана маселелерди изилдөө тапшырылсын:

- көзөмөлдөнбөгөн экономиканын көлөмүн азайтуу боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу жана өткөрүү, ал жерде салыктарды жашыруу 8,4 млрд. сомдон ашык каражатты түзөт;
- буюм жана тамак-аш рынокторундагы чекене соода субъекттеринин салык жүгүн накталай формада 5% жана накталай эмес формада 2,5% чейин теңдөө, ал жерде бюджеттин резервдери 4 млрд. сомду түзөт;
- 4 671,1 млн. сомго салык салуудан бошотууларды жокко чыгаруу, ошондой эле мамлекеттик бюджетке аларды чегерүү жана толук өндүрүү;
- өнөр жай, курулуш, кызмат көрсөтүү тармактарынын субъекттеринин салык жүгүн максималдуу теңдөө, салык салуу базасын кеңейтүү, ошондой эле накталай формада эсептөөдө салык коюмдарын көбөйтүү максатында, такси кызматынын (заказдарды кабыл алуу, берүү) диспетчердик сервистерини ишин лицензиялоо;
- турак жайларды куруучулардан контракттын негизинде салыкты аныктоодо, белгиленген салык коюмун көбөйтүү;
- Оптималдоо, ошондой эле салык жеңилдиктерин жана бошотууларды берүүнүн эрежелерин тутумдаштырган документтерди иштеп чыгуу;

- Салык төлөөчүгө тиешелүү маалыматты берүү боюнча милдеттерди жүктөө менен, берилген жеңилдиктерди жана бошотууларды ыйгарым укуктуу органдар тарабынан баалоону мыйзамдуу бекитүү;
- Социалдык фондунун бюджетине мамлекеттик социалдык камсыздоо боюнча мыйзамды сактабагандыгы үчүн, келип түшкөн айып пулдарды жана тутумдарды чегерүү.

- ***Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматына:***

төмөндөгү маселелер каралсын:

- негизги каражаттын бажы наркынын босого маанисин 200,0 миң сомдон 500,0 миң сомго чейин көбөйтүү;

- банктык жабдууларды сырттан алып келүүдө КНС төлөө боюнча бошотууларды жокко чыгаруу жөнүндө, ал жерде 2015-жылдан 2019-жылга чейинки мезгил аралыгында кирешелердин түшпөй калышы 9,7 млн. сомду түзгөн;

- КНС төлөөдөн бошотулган, абдан маанилүүү дары-дармек каражаттары жана медициналык буюмдардын тизмесине тиешелүү өзгөртүүлөр жөнүндө;

- “Кумтөр” долбоорун ишке ашыруу алкагында товарларды импорттоодо КНС боюнча жеңилдиктерди жокко чыгаруу жөнүндө.

- ***Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна:***

төмөндөгүлөрдү камсыздоо сунушталат:

- республикалык бюджеттин бекитилген бюджеттерине жана ММК Фондунун бюджетине ылайык, Мамлекеттик кепилдиктер программасын толук көлөмдө финансылык камсыздоо боюнча мамлекеттик милдеттенмелердин аткарылышын контролдоону;

- ММК Фондунун бюджетине чегерилген, милдеттүү медициналык камсыздандырууга келип түшкөн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн көлөмүнөн 3% Социалдык фонд тарабынан алынышын алып салууну жана ММК Фондунун бюджетине чегерилген, милдеттүү медициналык камсыздандырууга келип түшкөн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн көлөмүнөн 3%ды Социалдык фонд алууну ички актыларга ылайык келтирүүнү.

Төмөндөгү маселелер каралсын:

- ММК Фондунун бюджетине чегерүү жолу менен, милдеттүү медициналык камсыздандырууга келип түшкөн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн көлөмүнөн, Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан кармалган 71 745,6 миң сом өлчөмүндөгү каражаттарды кайтаруу боюнча;

- саламаттык сактоо тутумун 68 282,7 миң сом суммасында жеткире каржылабоодо көрсөтүлгөн, “2019-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана 2020-2021-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын бекитилген Мыйзамына ылайык, милдеттүү медициналык камсыздандырууга келип түшкөн камсыздандыруу төгүмдөрүн жыйноо боюнча милдеттенмелердин аткарылбашы, бул болсо, Мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча берилген медициналык-санитардык жардамдарын сапатына таасирин тийгизген;

- толук көлөмдө бекитилген жылдык өлчөмдөн он экиден бир бөлүгү өлчөмүндө ММК Фондунун бюджетине ММКга камсыздандыруу төгүмдөрүнүн каражаттарын бирдей чегерилишин Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан камсыздалышын;

- 12 индикатор боюнча үй-бүлөлүк дарыгерлердин жана жалпы практикалык дарыгерлердин ишинин жыйынтыктарын жайылтылган баалоо боюнча саламаттык сактоо кызматкерлеринин эмгек акыларын эсептөө тутуму жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 26-майындагы № 246 "Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо кызматкерлеринин эмгек акысы жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу" токтомуна жана "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 28-сентябрындагы № 451 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 26-майындагы № 246 "Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо кызматкерлеринин эмгек акысы жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомуна тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү;

- топтолгон эмгек акы фондун үнөмдөө эсебинен пайда болгон жана эмгекке катышуу коэффициенти аркылуу бөлүштүрүлгөн кошумча эмгек акыны эсептөө бөлүгүндө, 2011-жылдын 26-майындагы № 246 "Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо кызматкерлеринин эмгек акысы жөнүндө" Жобо;

- Мамлекеттик кепилдиктер программасынын көлөмүнөн ашык, максаттуу иш-чараларды камсыздоо жолу менен, саламаттык сактоо уюмдарынын материалдык-техникалык базасын чыңдоону камсыздоо бөлүгүндө, ММК Фондунун жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин функцияларын кайрадан карап чыгуу.

- ***"Бишкек" эркин экономикалык аймагынын Башкы дирекциясына:***

сунуш кылынат:

1) тиешелүү мамлекеттик органдарга төмөндөгү предметтер боюнча Башкы дирекциянын ишин жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актыларды кайрадан карап чыгуу жана укуктук экспертиза жүргүзүү тапшырылсын;

- статусу жана салык салуу тутуму, ошондой эле республикалык бюджетке жана башка чегерүүлөр так аныкталсын;

- Башкы дирекция тарабынан салык базасы жана салыктарды туура эсептелиши жана администрлениши аныкталсын.

2) 2016-жылдын 1-июлунан тартып алынган пайдадан 0,2 пайыз өлчөмүндө республикалык бюджеттин кирешесине төлөмдөрдү чегерүү укугун Башкы дирекцияга берген, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү кабыл алган 05.03.2020-жылдагы №130 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.08.2014-жылдагы №431 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомду алып салуу маселеси каралсын, б.а. бир нече жыл мурун 2%дан 0,2%га төлөмдөрдү азайтуу мезгилинен тартып, 2016-2019-жылдарга карата бюджеттин кирешесине жалпы 18,1 млн. сом суммасындагы киреше түшпөй калышына алып келген.

## 3. Отчеттук жылга карата республикалык бюджеттин, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттердин негизги аспекттери

### 3.1. Кыргыз Республикасынын 2019-жылга республикалык бюджетинин аткарылышы

Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча Эсептөө палатасы, 2019-жылга республикалык бюджеттин аткарылышында жол берилген олуттуу кемчиликтер жөнүндө корутунду берди.

Аудит тарабынан аныкталган, бюджетти аткаруудагы кемчиликтер, бюджеттик ресурстарды натыйжалуу бөлүштүрүүгө жардам бербеген, чыгымдарды пландоодо жана башкарууда сакталган көйгөйлөр жөнүндө күбөлөндүрөт. Мамлекеттик финансыны башкаруунун негизги аспекттери, бюджеттик пландоо, бюджеттик чыгымдары аткаруу, мониторинг жана баалоо жүргүзүү ортосундагы келишпестик менен мүнөздөлөт:

- бюджеттин кирешесине келип түшүүлөр 148,5 млрд. сомду, же пландан (152,1 млрд. сом) 97,6 %ды түзгөн. МСКнын салык кирешелери боюнча болжолдуу көрсөткүчтөр 1,5 млрд. сомго, КНС боюнча - 2,4 млрд. сомго аткарылган эмес, ЕАЭБ алкагында бажылык алымдар 1,3 млрд. сомго жеткире түшкөн эмес;

- республикалык бюджеттин чыгымдары 149,3 млрд. сомду, же пландан (162,0 млрд. сом) 92,2% түзгөн. Чыгымдардын аткарылбашы 12,7 млрд. сомду түзгөн, анын ичинен, бюджеттик каражаттар боюнча - 7,4 млрд. сом, атайын каражаттар боюнча – 3,7 млрд. сом жана МИП каражаттары боюнча - 1,6 млрд. сом;

- жыл аягында каражаттардын 8,4 млрд. сом суммасындагы калдыгынын болушу менен, корголгон беренелер боюнча толук көлөмдө каржылоо 1,8 млрд. сомго камсыздалган эмес, ал эми ички милдеттенмелер 8,8 млрд. сомду түзгөн, анын ичинен, эмгек акы боюнча кредиттик карыз - 217,3 млн. сом, медикаменттер боюнча - 94,9 млн. сом, тамак-аш продуктылары боюнча - 89,5 млн. сом ж.б.

Бюджеттик мыйзамдын сакталбагандыгына байланыштуу, бузуулар жана кемчиликтер:

- 2019-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчётто, такталган план боюнча салык органдарынын кирешелеринин көрсөткүчтөрү 8,2 млрд. сомго жана факты жүзүндө аткаруу 6,7 млрд. сомго бурмаланган, ошондой эле, экономикалык классификациялоо коду боюнча атайын, антидемпинг алымдары 209,6 млн. сомго туура эмес көрсөтүлгөн (аудит тарабынан оңдолгон);

- 2019-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчётто, бардык башкы тескөөчүлөр боюнча натыйжалуулук индикаторуна жетүү жөнүндө тиркеме жок;

- конкурстук комиссиянын чечими жок туруп, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 06.12.2019-жылдагы буйругу менен, «Айыл Банк» жана «РСК Банк» ААКларына - 500,0 млн. сом бөлүнгөн;

- ички карыз 163,4 млн. сомго (МКВ) азайтылган жана тышкы карыз боюнча четтөө - 505,5 млн. сом;

- бюджетке кошумча келип түшүүчү тиешелүү булактар жок туруп, Капиталдык салымдар" беренеси боюнча чыгымдар 799,3 млн. сомго көбөйтүлгөн;

- төмөндөгүлөрдүн аныктыгы жана негиздүүлүгү тастыкалган эмес: калктын аманаттарын индексациялоо боюнча ички карыздын суммасы - 664,0 млн. сом, которулган вексель боюнча карыз -

34,3 млн. сом, бюджет алдында мамлекеттик карыз боюнча дебитордук карыз - 92,4 млн. сом, мамлекеттин таза активдерин азайтууга 144,0 млрд. сомду эсептен чыгаруу;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн өзүнчө чечими жок туруп, республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө чегерилген бирдиктүү депозиттик эсептин каражаттарынан, бюджеттин кезектеги чыгымдарына 157,2 млн.сом пайдаланылган;

- Бюджеттик кодексти, Салык эмес кирешелер жөнүндө кодексти бузуу менен, Бишкек шаарынын салык органдары тарабынан, жүргүзүлгөн катары 31.12.2019-жылы таризделген, 491,9 млн.сомго төлөмдөр катары жүргүзүлгөн, бул болсо, кирешелер боюнча планды МСКБ ашыкча аткарышына алып келген;

- айрым министрликтер жана ведомстволордун чыгымдар беренелери боюнча каражаттарды бөлүштүрүү 41,6 млн.сомго ашырылган;

- Бирдиктүү казыналык эсептин иштөө тартибин бузуу менен, ресурстар жетишпестен туруп, корголбогон беренелер каржыланган. Бирдиктүү казыналык эсеп боюнча жетишсиз сумманын алдында, атайын каражаттардын, донорлордон келип түшкөн максаттуу багытка ээ келип түшүүлөрдүн, жергиликтүү бюджеттердин ресурстарынын жана каражаттарынын эсебинен кассалык чыгымдар жүргүзүлгөн.

Бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, төмөндөгүдөй негизги каржы бузуулары жана кемчиликтер аныкталган:

- областардагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн резервдик фонддорунан 0,3 млн. сом каражаттарды чыгымдоого жол берилген;

- объекттерде биринчи кезектеги кечиктирилгис авариялык-калыбына келтирүү иштерин жүргүзүүгө ӨКМ үчүн Мамлекеттик бюджеттик резервден бөлүнгөн 35,1 млн. сом суммасындагы каражаттар, Финансы министрлиги тарабынан Атайын эсептин каражаттарынан 2018-жылы жеткире каржыланбаган объекттердеги иштерди аткарууга жана курулушту аяктоого багытталган;

- транспорт каражаттарын бажылык коштоо жыйымдары боюнча, бюджеттин кирешесине кошумча эсептелген кирешелер 238,3 млн. сомду түзгөн;

- Кыргыз Республикасынын Президентинин Архивинде эмгек акы фонду 1,5 млн. сомго ашырылган;

- окуу жайларын каржылоо стандарттары жок туруп, контракттык негизде окуган окуучулардын чыгымдары Билим берүү жана илим министрлигинин окуу жайлары боюнча 56,3 млн. сом бюджеттик каражаттар менен төлөнгөн, Саламаттык сактоо министрлигинин медициналык колледждери боюнча - 12,7 млн. сом, Республикалык маданий колледж боюнча - 4,7 млн.сом, Б. Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство институту боюнча - 18,6 млн. сом.

- “Негизги фонддор” беренеси боюнча Баштапкы кесиптик билим берүү агенттиги бюджет менен каралбаган 12,3 млн. сом өлчөмүндөгү каражаттар менен каржыланган;

- мамлекеттик органдардын коммуналдык кызматтарын төлөөгө, министрликтер менен ведомстволордун чыгымдарына кирбеген, Кыргыз Республикасынын Президенти жана Өкмөтүнүн Иш башкармалыгынын алдындагы Мамлекеттик имараттар департаментинин 35,3 млн. сом чыгымдары кирген;

- 2019-жылы банкроттук процесси аяктаган ишканалар боюнча республикалык бюджеттин кирешелеринин жоготуусу 335,4 млн. сомду түзгөн;

- Билим берүү жана илим министрлигинин аймактык бөлүмдөрү боюнча, кызматчыларын штаттан ашык санын күтүүгө кеткен чыгымдар 11,4 млн. сомду түзгөн;

- 2004-жылга чейин калктын аманаттарынын эсептелген суммаларын мыйзам тарабынан белгиленген төлөө мөөнөтү менен, 2019-жылга чейин Эсептик-аманат компаниясы аркылуу төлөө улантылган, натыйжада бюджеттен 343,2 млн. сом тартылган.

Мамлекеттик инвестициялардын долбоорлорун ишке ашырууну үзгүлтүккө учуратуудан жана каражаттарды өздөштүрбөгөндөн улам, республикалык бюджеттен 232,1 млн. сом төлөнгөн.

- ресурстук бөлүктүн жетишпсетигине карабастан, кассалык аткарууда терс калдык менен кассалык пландар бекитилген жана такталган. Бюджеттин чыгымдар жана ресурстук бөлүктөрү ортосунда 2,2 млрд. сомго чейин жеткен финансылык ажырымга жол берилген.

Бюджеттин резервдери аныкталган:

- Улуттук банктагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн балангстык депозиттик эсептеринде турган каражаттардан пайыздардын эсептик суммасы - 700,1 млн. сом;

- KFW программасы боюнча коммерциялык банктарда жайгаштырылган депозиттик каражаттар боюнча, бюджеттин кирешесине чегерилүүгө тиешелүү эсептелген пайыздардын калдыгы - 17,7 млн. сом;

- коммерциялык банктардагы долбоорлордун атайын эсептериндеги каражаттардын калдыктарына пайыздар, банктык кызмат көрсөтүүгө төлөөгө керектүү караатарды алып салуу менен, бюджеттин кирешелери болуп эсептелет - 13,6 млн. сом;

- “Акциялар жана капиталга катышуунун жана башка формалары” эсеби боюнча каражаттарды негизсиз эсептен чыгаруу - 704,9 млн. сом;

- ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын атайын уруксаты жок туруп, коммерциялык банктарда эсептер ачылган, аларда калдыктар 70,0 млн. сомду түзгөн;

- “Балага сүйүнчү” акчалай жөлөк пулду төлөөгө бюджеттен каржыланган, Социалдык өнүгүү министрлигинин 13,0 млн. сом каражаттары калган.

Каражаттарды рационалдуу эмес пайдалануу аныкталган:

- билим берүү жана саламаттык сактоо сектору үчүн эмеректерден сырткары, бюджеттен каржыланган мекемелер тарабынан кызматтык автомобилдерди жана эмеректерди сатып алууга 3 жыл тыюу салуу жөнүндө Жогорку Кеңештин токтому кабыл алынганына карабастан, 15,9 млн. сом суммасында кызматтык автомобилдер, эмеректер сатылып алынган;

- товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлору жана айрым министрликтердин жана ведомстволордун алыш-бериш эсептериндеги каражаттардын калдыктары - - 8,3 млн. сом;

- 2020-жылдын башында айрым министрликтердин жана ведомстволордун кассаларында турган каражаттардын чегерилбеген калдыктары - 4,5 млн. сом.

Аудиттин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратына, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине тиешелүү маалыматтар, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуштар, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине жазма буйрук жана сунуштар жөнөтүлгөн.

### 3.2. Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2019-жылга бюджетинин аткарылышы

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2019-жылга бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, төмөндөгүдөй бузуулар жана кемчиликтер аныкталган:

- Пенсиялык топтоо фондунун аналитикалык эсептөө базасы боюнча Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Жеке эсепке алуу башкармалыгында аналитикалык эсептөөнүн так эместигинен улам, Мамлекеттик Пенсиялык топтоо фондунун маалыматтарына караганда, 2020-жылдын 1-январына карата 1 280, 3 млн. сомго азды түзгөн.
- Мамлекеттик Пенсиялык топтоо фондунун жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Жеке эсепке алуу башкармалыгынын маалыматтарынын ортосунда бөлүштүрүү үчүн берилген, пенсиялык топтоо боюнча инвестициялык кирешелердин суммасынын айырмасы 30,5 млн. сомду түзгөн.
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен октябрдан тартып 2018-2019-жылдары базалык пенсиянын көлөмү 100 сом көлөмүндө индексацияланганына карабастан, 20540 каза болгон жарандар боюнча сөөк коюуга жөлөк пул 2,6 миң сомго аз төлөнгөн, б.а. жүргүзүлгөн индексациялоого байланыштуу, сөөк коюуга жөлөк пул көбөйүшү керек эле.

*Кыргыз Республикасынын Социалдык фондун күтүү чыгымдарынын сметасы боюнча*

- Кыргыз Республикасынын Салык кодексин бузуу менен, кызматкерлер эмгек өргүүгө чыгаарда, ден соолугун чыңдоо үчүн эки айлык эмгек акы өлчөмүндө кызматкерге төлөнүүчү жөлөк пулдан кармап калуу жүргүзүлгөн;
- Ички документ же буйрук менен, жетекчиликке жана жооптуу кызматкерлерге уюлдук байланыш үчүн, Социалдык фондунун эсебинен айына 500дөн 7,0 миң сомго чейин бекитилген;
- Социалдык фонду өнүктүрүү фондунун каражаттарын пайдалануу тартибин бузуу менен, кызматкерлердин тамак-ашына компенсациялык төлөмдөрдү 2,0 млн. сом суммасына ашык төлөө жүргүзүлгөн;
- Социалдык фонду өнүктүрүү фондунун каражаттарынын эсебинен, Мамлекеттик Пенсиялык топтоо фондунун кызматкерлерине ушул фондунун каражаттарын пайдалануу тартиби менен каралбаган сый акыларды жана тамак-ашка компенсацияларды 6,4 млн. сомго төлөө жүргүзүлгөн;
- конкурсу жок жүргүзүлгөн мамлекеттик сатып алуулар 2,1 млн. сомду түзгөн;
- Эмгек акыны негизсиз төлөө 92,6 миң сомду түзгөн;
- Негизсиз септен чыгарылган акча каражаттары 134,6 миң сомду түзгөн;

Аудиттин жыйынтыгы боюнча:

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө, Кыргыз Республикасынын Коопсуздук Кеңешинин катчылыгына – отчет;

- Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратына – отчет жана маалымат;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине – 2018-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча жазмай буйруктун аткарылышы боюнча жазма буйрук;

- Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна – отчет, жазма буйрук жана сунуштар жөнөтүлгөн.

## 3.3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2019-жылга бюджетинин аткарылышы

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун (мындан ары - ММК Фонду) 2019-жылга бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына

жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, төмөндөгүдөй бузуулар жана кемчиликтер аныкталган:

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан ушул кезге чейин, медициналык кызмат көрсөтүүнүн стандарттарынын өздүк наркы иштелип чыккан эмес жана стандарттардын жоктугу медициналык кызмат көрсөтүүлөрдү жабдуучуга, оорулууну дарылоо менен түздөн түз байланышпаган (кезектеги ондоо иштери, жабдууларды сатып алуу ж.б.у.с.) чыгымдарга каражаттарды тартуу мүмкүнчүлүгүн берет;

- ММК Фондунун аймактык башкармалыктары тарабынан, милдеттүү медициналык камсыздандыруу жана базалык мамлекеттик каражаттарды рационалдуу жана натыйжалуу чыгымдалышын контролдоо боюнча жүктөлгөн милдеттенмелер камсыздалган эмес. Натыйжада, артыкчылыктуу эмес багыттар боюнча чыгымдарга жол берилген, корголгон беренелерге (медикаменттер жана тамак-аш) чыгымдар толук эмес көлөмдө камсыздалган;

- ММК Фондунун борбордук аппаратында жана аймактык башкармалыктарында, бекитилген бирдикти 18 бирдикке ашыруу аныкталган;

- саламаттык сактоо сектору калкка медициналык жардам көрсөтүүнү эсепке алуунун электрондук форматына толук өтө электигин эске алуу менен, саламаттык сактоо уюмдарынын өздөрү тарабынан бааланган жана 12 индикатор боюнча натыйжалуулукка жетүү негизинде жүргүзүлгөн каржылоо, натыйжасыз болуп эсептелет;

- каржы бузуулары 1 174,8 миң сом, анын ичинен: эмгек акыларды негизсиз төлөө - 457,0 миң сом, дебитордук жана ашырылган кредитордук карызды эсепке алуу боюнча жашыруу - 717,8 миң сом;

- 720,2 млн. сом суммасында бюджеттин резервдери жана жоготуулары аныкталган, анын ичинен: товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлору - 8,5 млн. сом ( электр жана жылуулук энергияларын ченемден ашык керектөөгө жол берилген), бюджеттик мекемелерди ашыкча каржылоо - 9,6 млн. сом, эмгек акыны төлөөдөгү бузуулар – 385,7 млн. сом;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 28-сентябрындагы № 451 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 26-майындагы № 246 “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтомун бузуу менен, каржылоо көлөмүн ашыруу менен төлөөлөр 244,3 млн. сомду түзгөн;

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2018-жылдын 26-апрелиндеги № 2397-VI токтому менен бекитилген, 2019-жылга Кыргыз Республикасынын Бюджеттик резолюциясын бузуу менен, 2019-жылы Социалдык фонддун бюджетинен ММК Фондунун бюджетине берилген каражаттар 3 пайыз кармоо (71,8 млн. сом өлчөмүндө) менен каржылаган.

1219,7 млн .сомго каражаттарды рационалдуу эмес пайдалануу аныкталган, анын ичинен: пландалган максатына жетпестен, белгилүү бир иш чараларга чыгымдалган каражаттар - 1128,4 млн. сом, саламаттык сактоо уюмдарында товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлору - 71,8 млн. сом, дебитордук карыз - 19,5 млн. сом суммасында аныкталган, ММК Фондунун жана саламаттык сактоо уюмдарынын эсептериндеги каражаттардын пайдаланылбаган калдыктары - 17,6 миң сом.

Аудиттин жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын Президентине, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине жана Кыргыз

Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна жөнөтүлгөн.

## 4. Эксперттик-аналитикалык жана контролдук иш чаралардын жыйынтыктары

### 4.1. Евразиялык экономикалык биримдикке (ЕАЭБ) мүчө мамлекеттеринин финансылык контролдоонун жогорку органдары тарабынан өткөрүлгөн, биргелешкен контролдук иш-чаралар

Тыштан алынып келингендерге бажы алымдарынын (эквиваленттик таасирге ээ жыйымдар жана салыктар, жана башка алымдар) суммаларын чегерүү жана бөлүштүрүү, аларды мүчө-өлкөлөрдүн бюджеттеринин кирешесине чегерүү тартиби жөнүндө Протоколун (Евразиялык экономикалык бирлик жөнүндө келишимге карата №5 тиркеме) ишке ашыруу максатында, тыштан алынып келингендерге бажы алымдарынын суммаларын чегерүү жана бөлүштүрүү боюнча Кыргыз Республикасында ыйгарым укуктуу орган болуп, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы эсептелет.

2014-жылдын 29-майындагы ЕАЭБ жөнүндө келишимге карата Кыргыз Республикасынын кириши жөнүндө келишимдин айрым жоболорун колдонуу жөнүндө протокол менен, Кыргыз Республикасы үчүн, тыштан алынып келингендерге бажы алымдарын бөлүштүрүү ченеми 1,9 пайызга белгиленген.

Тыштан алынып келингендерге бажы алымдарын бөлүштүрүүнүн белгиленген ченемдери Армения Республикасы үчүн - 1,220 пайыз; Беларусь Республикасы үчүн - 4,56 пайыз; Казакстан Республикасы үчүн – 7,055 пайыз, Россия Федерациясы үчүн – 85,265 пайыз.

2019-жылга тыштан алынып келингендерге бажы алымдарын келип түшүүсү (чегерүүлөрдү жана кайтарууларды эсепке алуу менен) 11 257,7 млн. сомду түзгөн, алар Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы тарабынан ЕАЭБ мүчө өлкөлөрүнүн бюджеттерине бөлүштүрүлгөн.

Мүчө өлкөлөрдөн 16 678,8 млн. сом келип түшкөн, бул болсо, 2018-жылга караганда 950,6 млн. сомго көп.

Кыргыз Республикасы үчүн мүчө мамлекеттер менен өз ара эсептешүү калдыгы жакшы болгон жана 5 635,0 млн. сомду түзгөн.

ЕАЭБ жөнүндө келишимдин жоболорунун таасирине туш болгон, тыштан алынып келингендерге бажы алымдарын эсепке алуу жана бөлүштүрүү, 2019-жылы Кыргыз Республикасынын ченемдик документтери жана Келишимге карата №5 тиркемеге ылайык, Борбордук казыналык тарабынан жүргүзүлгөндүгү, текшерүүдө аныкталган.

Бирок, текшерүүдө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынан Тыштан алынып келингендерге бажы алымдарынын суммаларын чегерүү жана бөлүштүрүү жөнүндө отчет Беларусь Республикасынын Финансы министрлигинин Башкы мамлекеттик казыналыгы тарабынан кеч алгандыгы жөнүндө айрым учурлар белгиленген. Мында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы жөнөтүү серверинен тиешелүү маалыматтар алынып салынгандыгына байланыштуу, бул отчетту өз учурунда жөнөтүлгөндүгүн тастыктай алган жок. Буга байланыштуу, Борбордук казыналык Протоколдун ченемдерин аткаруу менен байланышкан маалыматтарды сактоону, ошондой эле тараптардын ыйгарым укуктуу органына маалыматты өз учурунда жөнөтүүнү камсыз кылышы керек.

Өз кезегинде Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан, Казакстан Республикасынын Финансы министрлигинин Мамлекеттик кирешелер комитети берген документтерге талдоо жүргүзүлгөн, ал жерде 2020-жылдын 1-сентябрынан кийин алынып келинген товарлар боюнча 60,9 млн.тенге суммасындагы тыштан алынып келингендерге бажы алымдарынын суммалары бөлүштүрүлбөгөндүгү аныкталган. Бул болсо, Протокол менен белгиленген мүчө өлкөлөр ортосунда тыштан алынып келингендерге бажы алымдарынын суммаларын чегерүү жана бөлүштүрүү тартибин бузуу болуп эсептелет, Бирликтин бажы аймагына алынып келинген товарларга карата төлөө боюнча милдеттенме 2010-жылдын 1-сентябрынан тартып пайда болгон.

Мындан сырткары, Евразиялык экономикалык бирликтин (ЕАЭБ) мүчө мамлекеттериндеги эпидемиологиялык кырдаалга байланыштуу, 2020-жылга пландалган ЕАЭБ органы болуп эсептелген Евразиялык экономикалык комиссиянын жана Евразиялык экономикалык бирлик сотунун бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына тышкы аудитти (контролду) жүргүзүү боюнча иш-чаралар, Евразиялык экономикалык бирликтин (ЕАЭБ) мүчө мамлекеттеринин ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары менен макулдашуу боюнча, кийинки отчеттук 2021-жылга которулган.

## 4.2. Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети, Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттери жөнүндө мыйзам долбоорлоруна, ошондой эле аларга киргизилген өзгөртүүлөргө карата корутундулар

2020-жылы Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 72-беренесине жана “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү берген төмөндөгү мыйзам долбоорлоруна Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан талдоо жүргүзүлгөн:

- “Кыргыз Республикасынын 2019-жылга республикалык бюджети жана 2020-2021-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору;
- Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору;
- “2020-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору;
- “2020-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору;
- “2020-жылга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджети жана 2020-2021-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору;
- “2021-жылга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору.

## 5. Өз ара аракеттенишүү жана кызматташуу

### 5.1. Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, мамлекеттик органдар жана башка уюмдар менен өз ара аракеттенишүү



"Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Эсептөө палатасы мамлекеттик аудиттин көз каранды эмес жогору турган органы болуп саналат, өз ишинде Кыргыз Республикасынын Президентине жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине отчет берет.

2020-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынан жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинен Эсептөө палатасына 145 суроо-талап, тапшырмалар, каттар жана документтер келип түшкөн.

Алсак, 2020-жылдын ичинде Эсептөө палатасынын дарегине Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынан ар кандай маалыматтарды берүү жөнүндө 32 кат келип түшкөн. Ошондой эле, Эсептөө палатасы тарабынан жүргүзүлгөн отчёттордун жыйынтыктары жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын дарегине 43 отчет жөнөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинен 113 кат келип түшкөн, анын ичинен 24 суроо-талап - жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары жөнүндө отчетторду жана маалыматтарды берүү жөнүндө, 5 тапшырма аудит жүргүзүү жөнүндө, отурумдарга жана талкуулоолорго катышуу үчүн 68 чакыруу, жана башкалар – 16.

Эсептөө палатасынын демилгеси менен, Эсептөө палатасынын Кеңеши тарабынан кабыл алынган токтомдордун негизинде, жыл ичинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин дарегине жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча 55 отчет жана корутундулар жөнөтүлгөн. Ошондой эле, Эсептөө палатасынын демилгеси менен, Кыргыз Республикасынын Коопсуздук Кеңешине жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча 38 отчет жөнөтүлгөн.

### 5.2. Укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенишүү

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 8-пунктунун негизинде, козголгон жазык иштери боюнча укук коргоо органдарынын суроо-талаптарына корутундуларды, жоопторду берүү үчүн, жеке менчик түрүнө карабастан ишканалардын жана уюмдардын ишине туруктуу негизде аудит жүргүзгөн.

Бирок, 2020-жылдын 12-августундагы №124 "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы күчүнө киргендигине байланыштуу, укук коргоо органдарынын суроо-талаптары боюнча аудит жүргүзүүнү караган, Эсептөө палатасынын ыйгарым укуктары алынган.

Мындан сырткары, коронавирус инфекциясынын (COVID-19) жайылышына жана Кыргыз Республикасынын аймагына өзгөчө абалдын киргизилишине байланыштуу, Эсептөө палатасы тарабынан 2020-жылдын 23-мартынан тартып аудитордук иш-чараларды токтотуу боюнча ыкчам чаралар көрүлгөн, бул болсо, укук коргоо органдарынын суроо-талаптарынын негизинде жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн статистикасында көрсөтүлгөн. Бир катар дайындалган текшерүүлөр убактылуу токтотулган, же аткарууга кабыл алынган эмес.

2020-жылга карата аудит материалдарын талдоо жыйынтыгы боюнча, ***2020-жылдын 1-январынан тартып декабрына чейин*** укук коргоо органдарынан аудитти дайындоо жөнүндө 93 токтом жана суроо-талап келип түшкөн, анын ичинен:

*9-таблица. Укук коргоо органдарынан аудитти дайындоо жөнүндө келип түшкөн токтомдор боюнча маалымат*

| **Укук коргоо органдары** | **Суроо-талаптардын, токтомдордун жалпы саны** | **Аткарууга кабыл алынган** | **Аткаруудан баш тартылган** |
|---|---|---|---|
| Прокуратура органдары | *0* | *0* | *0* |
| КРӨгө караштуу ЭККМК (Фин пол) | *24* | *5* | *19* |
| КР УКМК | *40* | *18* | *22* |
| КР ИИМ | *29* | *3* | *26* |
| Бардыгы | *93* | *26* | *67* |

Көрсөтүлгөн мезгил аралыгына карата пландуу аудиттин жүрүшүндө аныкталган бузуулар боюнча, Эсептөө палатасы тарабынан укук коргоо органдарына тиешелүү кароо үчүн, 193,1 млн.сомдон ашык аудиттин **39** материалы укук коргоо органдарына берилген, анын ичинен:

*10-таблица. Эсептөө палатасы тарабынан укук коргоо органдарына тиешелүү кароо үчүн берилген материалдар боюнча маалымат*

| **Укук коргоо органдары** | **Аудиттин материалдарынын жалпы саны** | **Бузуулардын аныкталган суммасы** |
|---|---|---|
| Прокуратура органдары | *24* | 139, 6 млн.сомдон ашык |
| КРӨгө караштуу ЭККМК (Фин пол) | *4* | 2,2 млн.сом |
| КР УКМК | *11* | 51, 2 млн.сом |
| КР ИИМ | *0* | *0* |
| Бардыгы | *39* | 193,1 млн.сом |

Талдоо көрсөткөндөй, берилген материалдардын саны өткөн жылга салыштырмалуу бир топ аз, бул болсо, өлкөдөгү эпидемиологиялык кырдаалга байланыштуу, жогоруда көрсөтүлгөн себептерден улам, 2020-жылга Эсептөө палатасы тарабынан пландуу текшерүүлөрдү толук эмес жүргүзүүнүн көрсөткүчү болуп эсептелет.

Укук коргоо органдары тарабынан кароонун жыйынтыгы боюнча, прокуратура органдары 3 материал боюнча сунуш чыгарган, 14 материал боюнча териштирүү жүрүп жатат, 1 иш “Амнистия жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын негизинде токтотулган, калган 21 иш укук коргоо органдары тарабынан кароо баскычында турат.

Мындан сырткары, укук коргоо органдарынын суроо-талаптары, токтомдору (2019-жылга келип түшкөн суроо-талаптарды камтуу менен) боюнча 205, 8 млн. сомго көрсөтүлгөн сумманы текшерүү боюнча аудиттин 53 материалы жөнөтүлгөн.

*11-таблица. Укук коргоо органдарынын суроо-талаптарында, токтомдорунда көрсөтүлгөн сумманы текшерүү боюнча маалымат*

| **Укук коргоо органдары** | **Аудиттин материалдарынын жалпы саны** | **Бузуулардын аныкталган суммасы** |
|---|---|---|
| Прокуратура органдары | *4* | 1, 5 млн.сом |
| КРӨгө караштуу ЭККМК (Фин пол) | *12* | 3 миң сом |
| КР УКМК | *34* | 204, 2 млн.сом |
| КР ИИМ | *3* | *0* |
| Бардыгы | *53* | 205,8 млн.сом |

## 5.3. Эл аралык кызматташуу

2020-жылдын 22-мартынан тартып Кыргыз Республикасынын аймагына өзгөчө абалдын киргизилишине байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын өкүлдөрү беме-бет форматта өткөрүлгөн, эл аралык иш-чаралардын бирине да катышкан жок. 2020-жылдын ичинде жарыяланган иш-чаралар видео-конференция байланыш режиминде өттү, же уюштуруучулар тарабынан токтотулган.

***Аудиттин жогорку органдарынын эл аралык уюмунун (INTOSAI), Аудиттин жогорку органдарынын Азиялык уюмунун (ASOSAI), ECO (экономикалык кызматташуу) өлкөлөрүнүн жогорку аудит органдарынын эл аралык уюмунун (ECOSAI) алкагында кызматташуу***

INTOSAI өнүгүү демилгесинин колдоосу менен, отчеттук жыл ичинде Эсептөө палатасынын кызматкерлери тарабынан Эсептөө палатасынын стратегиялык планын, кийинки жылдык операциялык пландарды жана Эсептөө палатасынын отчеттулугу жана мониторинг жүргүзүү жол-жоболорун иштеп чыгуу боюнча иштер жүргүзүлгөн.

ИНТОСАИ эл аралык уюму тарабынан иштелип чыккан, “Аудиттин жогорку органдарынын натыйжалуулугун баалоо тутуму” методологиясы боюнча аудиттин жогорку органдарынын ишин баалоо алкагында, ИССАИ эл аралык стандарттарына ылайык баалоо жыйынтыгын берген, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын иши жөнүндө отчет даярдалган.

IDI INTOSAI колдоосу менен, “Тобокелдиктер жана стратегиялык пландоодогу болжолдоолор (божомолдор)” темасында видеоконференция өткөрүлгөн жана «Strategy performance management and reporting» программасынын алкагындагы семинарга катышкан.

2020-жылдын 9-июнунда ВКС форматында «Туруктуу өнүгүү максатына аудит» темасы боюнча ECOSAI семинары өткөн. Эсептөө палатасынын кызматкерлерине ECOSAIнин аудиттин жогорку органдары тарабынан Туруктуу өнүгүү максатына аудит жүргүзүү мисалдары уктурулган. Иш-чара 2019-2022-жылдарга ECOSAI окуу планын алкагында өткөн.

2020-жылдын 16-октябрында Эсептөө палатасынын кызматкерлери ВКС форматында маалыматтык технологияларга аудит жүргүзүү боюнча INTOSAI Жумушчу тобунун семинарына катышышкан. Семинарды уюштуруучулары Индия жана Венгриянын аудиттин жогорку органдары болушкан. Япония, Афганистан, Турция, Малайзия, Мексика жана Индиянын аудиттин жогорку органдары маалыматтык технологияларга жүргүзгөн аудиттеринин мисалдарынын бет ачары болгон. Иш-чара маалыматтык технологияларга аудит жүргүзүү боюнча, INTOSAI Жумушчу тобунун иш планынын алкагында өткөн.

Курчап турган чөйрөгө аудит жүргүзүү боюнча ASOSAI Жумушчу тобунун иш планынын алкагында, 2020-жылдын 22-декабрында “Катуу таштандыларга аудит” темасында онлайн семинар өткөн. Япония, Малайзия жана Кытайдын аудиттин жогорку органдары катуу таштандыларга жүргүзгөн аудиттеринин мисалдарынын бет ачары болгон.

***Шанхай Кызматташтык Уюмуна (ШКУ) мүчө мамлекеттердин аудиттин жогорку органдарынын кызматташтыгы***

Пакистандын Исламабад шаарында (ШКУ) мүчө мамлекеттердин аудиттин жогорку органдарынын жетекчилеринин V жолугушуусун өткөрүү, COVID-19 пандемиясына байланыштуу токтотулган жана 2021-жылга которулган. ШКУ мүчө мамлекеттеринин аудиттин жогорку органдарынын кызматташуу тилкеси боюнча өткөрүлүүчү бардык иш-чаралар жылдырылган.

ШКУ мүчө мамлекеттеринин аудиттин жогорку органдарынын кызматташуу планына ылайык, социалдык коргоо чөйрөсүндө бирдей аудитти жүргүзүү алкагында, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан “Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга (ДМЧА) протездик-ортопедиялык кызматтарды көрсөтүүнүн натыйжалуулугу жана ДМЧА реабилитациялоо борборунда аларды реабилитациялоо” темасы боюнча натыйжалуулук аудити жүргүзүлгөн.

***Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигинин (КМШ) мүчө мамлекеттеринин мамлекеттик аудиттин (финансылык контролдоонун) жогорку органдарынын жетекчилеринин Кеңешинин алкагында кызматташуу***



2020-жылдын 3-сентябрында Эсептөө палатасынын үч кызматкери ВКС форматында “Мамлекеттик башкаруунун натыйжалуулугун өнүктүрүү жана жогорулатууда санариптик технология” темасындагы семинарга катышышкан. КМШнын аудиттин ар бир жогорку органы 10 мүнөттүк бет ачарды жасашкан. Иш-чара XVIII жана XIX сессиялар ортосундагы мезгил аралыгында, Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигинин (КМШ) мүчө мамлекеттеринин мамлекеттик аудиттин (финансылык контролдоонун) жогорку органдарынын (мындан ары – КМШ катышуучулары – мамлекеттердин МАЖО) жетекчилеринин Кеңешинин иш планынын 4-пунктуна ылайык өткөн.

КМШ катышуучулары – мамлекеттердин МАЖО жетекчилеринин Кеңешинин XIX сессиясын өткөрүү, 2021-жылга которулган.

2020-жылдын 8-майында видео-конференция-байланыш форматында өткөн, Кыргыз-Россия Өкмөт аралык комиссиясынын тең төрагалары Кыргыз Республикасынын вице-премьер-министринин жана Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн төрагасынын орун басарынын жолугушуусунун жыйынтыгы боюнча иш-чаралар планы каралган.

2021-жылдын январь-февралында Кыргыз -Россия Славян Университетинин иши тематикасы боюнча биргелешкен контролдук иш-чараларды өткөрүү боюнча Россия Федерациясынын Эсептөө палатасы менен даярдык иштери жүргүзүлгөн.

***Евразиялык экономикалык бирлик алкагында кызматташуу***

2014-жылдын 29-майындагы Евразиялык экономикалык бирлик жөнүндө келишимге ылайык, Жогорку Евразиялык экономикалык кеңеш тарабынан Евразия экономикалык бирлигинин органдарында тышкы аудит (контроль) жөнүндө Жобо бекитилген (2015-жылдын 16-октябрындагы N 33). Эсептөө палатасынын кызматкерлери жыл сайын ЕАЭБ органдарында тышкы аудит жүргүзүүгө катышат. Отчеттук жылы, жогоруда көрсөтүлгөн контролдук иш-чаралар Россия Федерациясынын Эсептөө палатасынын төрагалыгы астында жүргүзүлгөн.

Ошондой эле, ЕАЭБга катышкан өлкөлөр тарабынан жыл сайын, тыштан алынып келингендерге бажы алымдарынын суммаларын чегерүү жана бөлүштүрүү, аларды мүчө-өлкөлөрдүн бюджеттеринин кирешесине чегерүү тартиби жөнүндө Протоколго тышкы аудит жүргүзүлөт. **ЕАЭС тилкеси боюнча бардык контролдук иш-чаралар, чет өлкөгө чыкпастан аралыктан жүргүзүлгөн.**

Мүчө мамлекеттердин ыйгарым укуктуу органдарын текшерүү боюнча биргелешкен контролдук иш-чараларды жүргүзүү жыйынтыктары боюнча Актынын долбоорун бекитүү маселеси боюнча, ЕАЭК жана мүчө мамлекеттердин эсептөө палаталарынын өкүлдөрү менен, видео конференция өткөрүлгөн.

## 5.4. Коомчулук менен байланышуу




Коомчулукка маалымдоо Эсептөө палатасынын ишиндеги артыкчылыктуу багыттардын бири болуп эсептелет. 2020-жылы жалпыга маалымдоо каражаттары менен коммуникация, мурдагыдай эле, ачыктык, ишкердик жана кесиптик этика ченемдерин сактоо принциптеринде түзүлгөн.

2020-жылы коомчулукка маалымдоо, Эсептөө палатасынын расмий веб-сайтына пресс-релиздерди жана билдирүүлөрдү, жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланган, Эсептөө палатасы аудиттин эл аралык стандарттарына жана санариптештирүүгө өтүү алкагында жүргүзүлгөн реформалар жана аудиттердин жыйынтыгы жөнүндө билдирүүлөрдү, макалаларды жана интервьюларды жайгаштыруу жолу менен жүзөгө ашырылган. Отчет берилүүчү жылга карата Эсептөө палатасынын иши жөнүндө 112 пресс-релиз даярдалган жана жарыяланган. Сайтка чыккан бардык билдирүүлөр алдыңкы маалымат агенттиктери жана жаңылыктар сайттары тарабынан кайра басылып чыккан. Жалпысынан, 2020-жылы республикалык жалпыга маалымдоо каражаттарында жогорудагы пресс-релиздердин, интервьюлардын жана парламенттин отурумдарында жана башка иш-чаралардагы жетекчиликтин сүйлөгөн сөздөрүнүн негизинде, Эсептөө палатасынын ишине байланыштуу 380 билдирүү жана макала жарыяланган.

Мындан тышкары, мезгил талабын эске алуу менен, жарандык коом менен өз ара аракеттешүү боюнча иштер улантылууда. Эсептөө палатасынын Facebook жана Twitter, Youtube видеоблогундагы баракчасында актуалдуу жаңылыктар жеткиликтүү. Жыл ичинде ЖМК редакцияларынан жана журналисттерден 25 суроо-талап келип түшкөн, бардыгы өз учурунда иштелип чыккан.

Эсептөө палатасынын расмий сайты активдүү иштөөсүн уланткан. Өткөн жылга карата 100 миңден ашык интернет колдонуучу ага кирген. Отчеттук мезгилде, ыңгайлуулук жана ыкчамдуулук үчүн, Эсептөө палатасынын веб-сайтынын башкы барагына жүргүзүлгөн аудиттер жана башка ведомстволук иш-чаралар жөнүндө кыскача пресс-релиздер жайгаштырылган.

## 5.5. Жарандардын кайрылуулары боюнча иштөө

Отчеттук жылы жарандардан жазуу жана электрондук түрдө 39 кайрылуу келип түшкөн, бардык кайрылуулар контролго алынып, “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык каралган.

Эсептөө палатасынын дарегине республиканын бардык областтарынан жазып турушат. Арыздардын, кайрылуулардын жана сунуштардын көпчүлүк саны, Бишкек шаарынын тургундарынан келип түшкөн.

Жарандардын кайрылуулары менен иштөөнү талдоо, Эсептөө палатасынын дарегине келип түшкөн көпчүлүк кайрылуулар жана арыздар, аларды чечүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын же мамлекеттик органдардын түздөн түз компетенциясына кирген маселелерди козгоорун көрсөттү.

Кайрылууларды 3 негизги топко бөлүүгө болот:

1) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иши боюнча кайрылуулар;

2) мамлекеттик органдардын иши боюнча кайрылуулар;

3) эмгек акы жөнүндө кайрылуулар.

Келип түшкөн кайрылуулардын жалпы санынан, жарандардын 12 кайрылуусу же 30,77%, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында жергиликтүү бюджеттин аткарылышына аудит жүргүзүү өтүнүчү менен кайрылуулар түзөт.

## 6. Коррупцияга каршы иш-чаралар

Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы саясатынын мамлекеттик стартегиясын жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 12-ноябрындагы № 215 "Бийлик органдарындагы саясий жана системалуу коррупциянын себептерин жоюу боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан 2020-жылга Коррупцияга каршы иш-чаралар планы кабыл алынган.

Ведомстволук коррупцияга каршы иш-чаралар планын кабыл алуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 13-сентябрындагы № 474 токтому менен бекитилген, "2019-2021-жылдарга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча иш-чаралар планынын" жоболору эске алынган.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын бөлүнүштөрүнүн функцияларын жана ыйгарым укуктарын оптималдоо жана конкреттештирүү боюнча иш алкагында, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын түзүмүнө өзгөртүүлөр киргизилген. Алсак, стратегиялык өнүгүү, методология жана эл аралык байланыш бөлүмү түзүлгөн. Ага Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасында санариптик өнүгүү боюнча функциялар жүктөлгөн.

Негизинен, аудит жүргүзүү процесстерин автоматташтыруу боюнча иштер активдүү жүргүзүлгөн. Эсептөө палатасын "Түндүк" ведомстволор аралык электрондук өз ара аркеттенишүү тутумуна кошуу боюнча тапшырмалар аткарылып, макулдашууга кол коюлду жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен маалымат алмашуу үчүн сервис-адаптер иштелип чыкты. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинен маалымат алуу үчүн нускама бар (2 жана 4-формадагы).

Коррупцияга каршы Эсептөө палатасынын кызматкерлерине билим берүү жана түшүндүрүү максатында, 2020-жылдын 1-кварталында "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын кызматкерлеринин милдеттери, тыюу салуулар, чектөөлөр" жана "Кызыкчылыктардын кагылышуусу" темаларында окуу өткөрүлгөн.

Мындан сырткары, Эсептөө палатасынын ички документтерин жана Эсептөө палатасынын ишин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларын инвентаризациялоо туруктуу негизде жүргүзүлүүдө.

Ошону менен бирге, Эсептөө палатасынын ишинин маалыматтык ачыктыгын жана айкындыгын камсыздоо үчүн, Эсептөө палатасынын расмий сайты иштейт. Сайтта отчеттор, жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары жөнүндө пресс-релиздер жана маалыматтар дайыма жарыяланып турат.

Жарандардын кайрылууларын ыкчам кароо максатында, Эсептөө палатасынын коомдук кабылдамасы иштейт. Отчеттук мезгилге карата мамлекеттик органдардын, жергиклитүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин ар кандай маселелери жана эмгек акыны эсептөө боюнча жарандарды беш кабыл алуу болгон. Алардын жыйынтыгы боюнча, аудит программаларын түзүүдө көрсөтүлгөн тобокелдиктерди эске алуу зарылдыгы жөнүндө, түзүмдүк бөлүмдөргө тиешелүү тапшырмалар берилген.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын дарегине келип түшкөн жарандардын жазуу жүзүндөгү жана электрондук кайрылуулары, "Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык каралат. Кароонун жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын кызматкерлери тарабынан коррупциялык көрүнүштөр маалыматын камтыган предмет боюнча кайрылууга талдоо жүргүзүлөт.

"Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен каралган тартипке толуктоо катары, Эсептөө палатасында "ишеним телефону" жана Эсептөө палатасынын WhatsApp номери аркылуу аудит объектилери жана жарандар менен кайрадан байланышуу уюштурулган. "Ишеним телефону жөнүндө" Жобо жана кыскача эстеткич Эсептөө палатасынын сайтына жарыяланган.

2020-жылдын жыйынтыгы боюнча "ишеним телефонуна" 23 билдирүү келип түшкөн жана 18 чалуу болгон, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын ишине тиешелүү маселелердин мааниси боюнча, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасындагы коррупциялык жана башка укук бузууларды профилактикалоого багытталган чаралар кабыл алынган. Аларды чечүү Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын компетенциясына кирбеген маселелер боюнча, тиешелүү түрдө түшүндүрмөлөр берилген.

Ошондой эле, Эсептөө палатасынын жетекчилиги коррупцияга каршы аракеттенүү маселеси боюнча укук коргоо, фискалдык жана башка мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын координациялык кеңешмелерине катышкан, ал жерде саламаттык сактоо тутумунда коррупцияга каршы күрөшүү, анын ичинен, коронавирус инфекциясы менен күрөшүү боюнча иш-чараларды ишке ашыруу маселеси каралган.

2021-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын коррупцияга каршы иш-чаралар алкагында, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын ведомстволук актыларын инвентаризациялоо, аудиттин эл аралык стандарттарын жайылтуу, кесиптик этиканы жана аудит объектилери менен маалыматтык түшүндүрүү иштерин жакшыртуу боюнча иштер андан ары жүргүзүлөт.

## 7. Эсептөө палатасынын ишин уюштурууну камсыздоо

### 7.1. Методологиялык камсыздоо

"Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Эсептөө палатасынын ишинин негизги максаттарынын бири болуп, мамлекеттик аудиттин эл аралык стандарттарын камсыздоо жана ишке ашыруу эсептелет.

2020-жылы Эсептөө палатасы өзүнүн күч-аракетин, жүргүзүлгөн аудитордук иш-чаралардын сапатын жакшыртууну жана аларды методологиялык камсыздоону, өзүнүн кызматкерлеринин потенциалын өнүктүрүүнү камтуу менен, аудиттин эл аралык стандарттарына өтүү боюнча жүргүзүлгөн реформаларды андан ары улантууга топтогон.

Аудиттин эл аралык стандарттарын күнүмдүк практикага жайылтуунун мааниси, аудитти жүргүзүүнүн негизги приниптеринде жана анын баалоо критерийлеринде, методологиянын бирдигинде турат, бул болсо, аудиттин жыйынтыктарынын аныктыгын жана объективдүүлүгүн камсыз кылат. Аудиттин жогорку органдары үчүн эл аралык стандарттарга өтүү, мамлекеттик чыгымдардын натыйжалуулугун жогорулатууга жардам берет жана коррупцияга каршы иш-чаралардын маанилүү элементи болуп эсептелет.

Отчеттук мезгилде Эсептөө палатасынын ишин методологиялык камсыздоо, Европалык Кеңеш жана Дүйнөлүк банк атынан донорлордун колдоосу менен, Эсептөө палатасынын аппаратынын түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан ишке ашырылган. Финансылык аудити, натыйжалуулук

аудити жана шайкештик аудити сыяктуу аудиттин мындай түрлөрүн Эсептөө палатасынын ишинде жайылтуунун методологиялык камсыздоо боюнча иштер улантылган:

- жаңыртылган, анын ичинен аудиттин эл аралык стандартарындагы өзгөртүүлөрдү эске алуу менен, бюджеттик мекемелер жана уюмдар үчүн, Финансылык отчеттуулук аудити боюнча колдонмо;
- шайкештик аудити боюнча колдомо.

Кыргыз Республикасында ачык Өкмөттү түзүү боюнча иш-аракеттердин улуттук планын ишке ашыруу алкагында, Эсептөө палатасынын Кеңеши тарабынан, коомчулуктун катышуусу менен аудитти уюштуруу боюнча методологиялык окуу куралы иштелип чыккан жана бекитилген.

Жеке каражаттарынын эсебинен, аймактык бөлүнүштөрдү камтуу менен, Эсептөө палатасынын бүтүндөй инспектордук курамы, уюштурулган тренингдердин жана семинарлардын жүрүшүндө, шайкештик аудити жана натыйжалуулук аудити методологиясын, ошондой эле, иштелип чыккан методологиялык документтер, анын ичинен аудитордук тандоо боюнча окушту.


Республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин жана аларга жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктарынын негизги параметрлеринин кыскача маалымдамасын жаңыртуу жана чыгаруу боюнча иштер аткарылды.

“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 51-беренесине ылайык, аудиттин натыйжалуулугунун максаты болуп Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн үнөм, натыйжалуулук, операциялык таасирдүүлүк же административдик ишинин маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши үчүн отчетту иликтөөнү жүргүзүү жана даярдоо, ошондой эле бюджеттик укукту өркүндөтүү боюнча сунуштарды берүү саналат.

Отчеттук мезгилде ушул жоболорго ылайык жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 26.06.2019-жылдагы токтомунун негизинде Улуттук банктын өкүлдөрү менен жолугушуу өткөрүлгөн жана Улуттук банктын ишине аудит жүргүзүү маселеси иштелип чыккан. Жогорку Кеңешке бул маселе боюнча финансылык жөнгө салуу мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштар берилген.

## 7.2. Кадрдык камсыздоо

2020-жылы Эсептөө палатасынын мамлекеттик кызматчыларынын саны 206 бирдикти түзүп, анын ичинен, факты жүзүндө 202 бирдик өз ордунда иштеп турган.



Техникалык жана тейлөөчү персонал 80 бирдикти түзөт.

Эсептөө палатасынын сапаттуу курамы төмөндөгү маалыматтар менен берилет:

**- гендердик курамы боюнча:** мамлекеттик кызматчылардын 75 пайызын эркектер, 25 пайызын аялдар түзөт;


**- билим деңгээли боюнча:** баардык мамлекеттик кызматчылар жогорку билимге ээ, алардын ичинен 27,7 пайызы эки же андан ашык билимге ээ. 6 мамлекеттик кызматчы экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ;

**- адистиги боюнча:** экономика, бухгалтердик эсеп жана финансы - 76,61 пайыз, юридикалык - 4,37 пайыз, гуманитардык – 2,91 пайыз, жана башкалар – 8,25 пайыз;

**- улуту боюнча:** кыргыздар - 196, орустар - 3, өзбек -1, татар -1, уйгур – 1.




***1- сүрөт. Иш стажы боюнча мамлекеттик кызматчылар***




Отчёттук жылы административдик мамлекеттик бош кызмат ордун ээлөө боюнча 12 конкурс өткөрүлгөн, ага катышуу үчүн 109 арыз келип түшкөн.

Конкурстардын жыйынтыгы боюнча 9 административдик мамлекеттик бош кызмат орду ээленген, Эсептөө палатасынын мамлекеттик кадр кызматынын ички резервине эки адам киргизилген.

2020-жылга карата Окуу планына ылайык, Эсептөө палатасынын кызматкерлери төмөндөгү багыттар боюнча окушкан:

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасынын 27.12.2019-жылдагы №10-6/99 буйругуна ылайык, төмөндөгү темалар боюнча Эсептөө палатасынын Борбордук аппаратынын жана аймактык бөлүнүштөрүнүн кызматкерлери үчүн техникалык окуулар уюштурулган:

- шайкештик аудити;
- натыйжалуулук аудити;
- финансылык аудит;
- мамлекеттик аудиттин жүрүшүндө аныкталган бузуулардын классификатору;
- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын кызматкерлеринин милдеттенмелери, тыюу салуулар, чектөөлөр;
- кызыкчылыктардын кагылышуусу;
- “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдеринин сакталышы;
- документ жүгүртүүнү уюштуруу жана мекеменин архивине берүүгө карата документтерди даярдоо;
- “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасында кызматтык пайдалануу үчүн маалыматтарды камтыган документтер менен иштөө тартиби жөнүндө” Жобону сактоо;
- www.esep.kg сайтына пресс-релиздерди даярдоо.

Бардыгы болуп, 114 кызматкер окуган.

Төмөндөгү долбоордун алкагында семинар өткөрүлгөн:

- АӨБ долбоорунун колдоосу менен – “Азия өнүктүрүү банкынын жол-жоболору боюнча сатып алуулар”, 2020-жылдын 27- февралы, 39 катышуучу;

- Дүйнөлүк банктын колдоосу менен – “Дүйнөлүк банктын жол-жоболору боюнча сатып алуулар”, 2020-жылдын 15-январы, 35 катышуучу.

Төмөндөгүлөр уюштурулган жана аларга катышуу кабыл алынган:

- 2020-жылдын 15-мартынан 16-мартына чейин методикалык сунуштардын долбоорун талкуулоо боюнча семинар, катышуучулар – 31;

- «DevTech System Inc» компаниясы (“ЮСАИД тарабынан каржыланган “Салык отчеттуулугу жана туруктуу өнүгүү” долбоорун ишке ашырат) менен виртуалдуу жолугушуу.

2020-жылдын 19-февралында өткөн, JDS долбоорунун алкагында Япониянын алдыңкы университеттеринин профессорлору менен, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын өкүлдөрүнүн консультациялык жолугушуусуна катышуу кабыл алынган.

МВФ миссиясы менен онлайн-конференцияга катышуу кабыл алынган.

Учурда, бир кызматкер Нанкин Аудит Университетинде (Кытай Эл Республикасы) 2 жылдык окууда окуп жатат.

Конкурс боюнча 2 жылдык окууга бир кызматкер өткөн жана 2020-2022-жылдар мезгил аралыгына карата JDS долбоорунун алкагында магистр программасы боюнча Рицумейкан университетине жөнөтүлгөн.

“Стратегия, натыйжалуулукту жана отчеттуулукту баалоо” (SPMR) программасынын алкагында Тбилиси шаарында (Грузия) өткөн “Стратегиялык пландоо” семинарына 3 кызматкер катышкан.

***Эсептөө палатасынын кызматкерлерин сыйлоо жана жаза чараларын колдонуу***

2020-жылы Эсептөө палатасынын 63 кызматкери сыйланган. 12 мамлекеттик кызматчыга - “эскертүү”, 7 мамлекеттик кызматчыга - “сөгүш”, 1 мамлекеттик кызматчыга - “катуу сөгүш” тартип жазасы колдонулган.

2020-жылдын жыйынтыгы боюнча Эсептөө палатасынын мамлекеттик кызматчыларынын ишин баалоо комиссиясынын сунуштары менен, төмөндөгүдөй чечимдер кабыл алынган: борбордук аппарат боюнча - 88 мамлекеттик кызматчы жана аймактык бөлүнүштөр боюнча - 72 мамлекеттик кызматчы ээлеген кызматына ылайык келээри; 8 мамлекеттик кызматчынын кызматынан жылдыруу; борбордук аппараттын 4 мамлекеттик кызматчысына жана аймактык бөлүнүштөрдүн 3 мамлекеттик кызматчысына кезектеги класстык ченди ыйгаруу; 23 мамлекеттик кызматчыны Эсептөө палатасынын кадрларынын ички резервдерине киргизүү жөнүндө.

Эсептөө палатасында мамлекеттик тилди мындан ары жайылтуу жана өнүктүрүү боюнча иштер улантылууда. Иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү жана коомдук ишчараларды өткөрүү иштерине өзгөчө көңүл бурулууда.



## 7.3. Эсептөө палатасынын ишин автоматташтыруу

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2019-жылдын 11-январындагы ПЖ №1 “2019-жылды Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылы деп жарыялоо жөнүндө” Жарлыгына ылайык жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 15-февралындагы №20-б буйругу менен бекитилген, "Санарип Кыргызстан 2019-2023" санариптик трансформациялоо концепциясын ишке ашыруу боюнча “Жол картасынын” милдеттерин аткаруу жана Эсептөө палатасында маалыматтык технологияларды өнүктүрүү максатында, Эсептөө палатасынын Кеңеши тарабынан 2019-2023-жылдарга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын маалыматтык-коммуникациялык технологиясын өнүктүрүү стратегиясы кабыл алынган.

Эсептөө палатасынын маалыматтык-коммуникациялык технологияларын өнүктүрүүнүн көрсөтүлгөн стратегиясы, мамлекеттик аудитти жаңы сапаттуу деңгээлде жүргүзүү боюнча Эсептөө палатасынын ишин маалыматтык камсыздандырууну санариптештирүүнү эске алуу менен, жаңы милдеттерди ишке ашыруу үчүн, өнүгүүнүн артыкчылыктуу багыттарын аныктайт, ал жерде аудитти жана аналитикалык ишти колдоо үчүн, санариптик инфра түзүмдү түзүү милдети өзгөчө белгиленген.

Электрондук мамлекеттик сатып алуулар порталынын маалыматтарына Эсептөө палатасынын аудиттеринин жетүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган, Европалык реконструкциялоо жана өнүгүү банкынын “Электрондук форматта өткөрүлгөн мамлекеттик сатып алууларга аудит жүргүзүү боюнча жаңы методологияны иштеп чыгуу жана пилоттоо - Электрондук форматта өткөрүлгөн мамлекеттик сатып алууларга аудит жүргүзүү боюнча типтүү методологияны иштеп чыгуу”

долбоорунун алкагында онлайн-аспабы иштелип чыкты. Бул онлайн-аспабы боюнча ишти андан ары аныктоо үчүн, Эсептөө палатасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы Мамлекеттик сатып алуулар департаменти менен бир нече жолу жолугушуулар өткөрүлгөн. Учурда, онлайн-аспабы пилоттук аудитердин алкагында апробациялоодон өтүүдө. Бул методология КМШ өлкөлөрүнүн Эсептөө палаталарынын ишинде жаңылык болуп эсептеле тургандыгын, белгилей кетүү маанилүү.

Каржы бузууларынын классификаторунун автоматташтырылган формаларын жайылтууга жардам берүү боюнча тестирлөө улантылууда. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын бардык инспекторлору окутулган жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын бардык аймактык бөлүнүштөрүнө кошулган. Классификаторду толтуруу боюнча видеоролик иштелип жатат.

2020-жылы "Түндүк" ведомство аралык электрондук өз ара аракеттенишүү тутуму аркылуу Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен, күч түзүмдөрү боюнча маалыматтардан сырткары, экономикалык бюджеттик классификация жана беренелер боюнча чечмелөөө менен, ведомстволук классификациялар боюнча «IS Казна» автоматташтырылган маалыматтык тутумда катталган, "Жыйынтык маалыматтарынын түзүлүшүн көзөмөлдөө үчүн бардык формалар менен мамлекеттик бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчет", "Ведомствлук классификациялоо боюнча сметалар, анын ичинен, кирешелердин жана чыгымдардын толук көчүрмөсү менен, 2-форма жана 4-форма" маалыматтарын алмашуу боюнча иштер жүргүзүлгөн.

Ошондой эле, Эсептөө палатасы «E-kyzmat» адам ресурстарын башкаруунун автоматташтырылган тутумун жайылткан, ал жерге Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын бардык кызматкерлеринин маалыматтаы киргизилгендигин, белгилей кетүү керек.

«E-kyzmat» адам ресурстарын башкаруунун автоматташтырылган тутумуна кызматкерлердин маалыматтары киргизилгенден кийин, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы «Infodocs» электрондук документ жүгүртүү мамлекеттик тутумунун тесттик версиясын ишке киргизген.

Эсептөө палатасынын жергиликтүү тармагына жана сервисине корголгон кошууну камсыздоо боюнча өз учурунда чаралар көрүлгөндүктөн, Эсептөө палатасынын кызматкерлери аралыктан иштөө режимине ийгиликтүү өтүшкөн.

Учурда, Эсептөө палатасы ИТ багытын күчөтүү боюнча донорлорду тартуу боюнча ишти активдүү жүргүзүүдө.

## 7.4. Каржы-чарбалык камсыздоо

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын каржылык иши Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине жана мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча укуктук ченемдик актыларына ылайык жүзөгө ашырылат.

*12-таблица. 2020-жылга чыгымдар сметасынын аткарылышы, млн.сомдо*

| Көрсөткүчтөрдүн аталышы | 2020-жылга бекитилген смета | 2019-жылга такталган смета | Кассалык чыгымдар |
|---|---|---|---|
| Бюджет* | 231,6 | 218,9 | 184,1 |
| Фонд** | 23,1 | 21,9 | 21,4 |
| **Бардыгы:** | **254,7** | **240,8** | **205,5** |

**   Эсептөө палатасын күтүүгө республикалык бюджеттен каржылоо;*

*** материалдык-техникалык базаны чыңдоо, кызматкерлердин жигерин жогорулатуу жана аудитордук иштин жогорку көрсөткүчтөрүнө түрткү берүү Фондун каржылоо*

Аталган фонд Эсептөө палатасынын Борбордук аппаратынын жана аймактык бөлүнүштөрүнүн материалдык-техникалык базасын чыңдоо, кызматкерлеринин жигерин жогорулатуу жана аудитордук иштин жогорку көрсөткүчтөрүнө түрткү берүү максатында түзүлгөн.

Отчёттук мезгилде “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык, электрондук портал аркылуу товарларды, кызматтарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жүзөгө ашырылган. Бардыгы болуп, 15 конкурс өткөрүлгөн, анын ичинен, Борбордук аппаратта - 5 жана аймактык бөлүнүштөрдө - 15.

## Корутунду

Отчеттук мезгилде Эсептөө палатасы өз ишин жүргүзүү процессинде 2016-2020-жылдар мезгил аралыгына карата Эсептөө палатасын өнүктүрүүнүн стратегиялык планында көрсөтүлгөн бардык максаттарды ийгиликтүү ишке ашырды.

Кезектеги 2021-жыл Эсептөө палатасы үчүн жыйынтык чыгарган жана кийинки мезгилдин милдеттерди аныктаган жыл болот.

Албетте, стратегиялык планды ишке ашыруунун мамлекеттик аудит тутумун өркүндөтүүгө, аудиттин эл аралык стандарттарын жайылтууга жана тышкы коммуникацияны чыңдоого тийгизген оң таасирин эске алуу менен, Эсептөө палатасы тарабынан 2021-2025-жылдарга Өнүгүү стратегиясынын долбоору даярдалууда, анда мамлекеттик финансыны башкаруу тутумунун натыйжалуулугун жана ачыктыгын жогорулатууга жана Эсептөө палатасынын ишин мындан ары өркүндөтүүгө багытталган максаттар жана милдеттер аныкталат.

Аудит объектилеринин ишин, бюджеттик процессти жана жалпы колдонуудагы мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча конкреттүү жазма буйруктарды жана сунуштарды иштеп чыгуу максатында, сөзсүз, Эсептөө палатасы мамлекеттик бюджеттин аткарылышынын натыйжалуулугун, бюджеттик каражаттарды натыйжасыз пайдалануунун себептерин комплекстүү талдоону, аналитикалык жалпылоону камсыздоону уланта берет.

Эсептөө палатасынын алдында турган милдеттердин бир кыйла маанилүү аспектиси, ошондой эле аудиттин эл аралык стандарттарын жана дүйнөнүн мыкты тажрыйбаларын адаптациялоо, аудиттин методикалык жана усулдук камсыздоосун өркүндөтүү боюнча ишти улантуу болуп эсептелет.

Аудит жүргүзүлгөн жерде дагы, обочолонгон форматта дагы, мамлекеттик аудитти жана аналитикалык иш аракеттерди жүргүзүүдө, санарип инфра түзүмүн ишке ашыруу жана өнүктүрүү ошондой эле алардын компетенцияларынын кабыл алынган моделдерине жана профилдерине ылайык кызматкерлерди үзгүлтүксүз окутуу жана кесиптик өнүктүрүү тажрыйбаларын жайылтуу улантылат.